КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТИРЛИГИ
№ 58 КЕСИПТИК ЛИЦЕЙ
МЕКЕМЕСИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
УЧРАЖДЕНИЕ
ПРОФЕССИОНАЛЬНЫЙ
ЛИЦЕЙ № 58

**Найманбаев атындагы көчө 17.**
**Телефон +996(3230)5-51-82:**
**Факс: +9966-00-23**
**E-mail: pl5800@mail. ru**

**улица Найманбоева 17**
**Телефон +996(3230)5-51-82:**
**Факс: +9966-00-23**
**E-mail: pl5800@mail. ru**

**№ 2 Педагогикалык кеңештин чечими**

**18. 09. 2023 ж.**

## 7233 “Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер)” кесиптик билим берүү программасы боюнча өздүк баалоонун

## ОТЧЕТУ

| | |
|---|---|
| Билим берүү уюму | №58 Кесиптик лицейи |
| Кесиби | Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер) |
| Квалификациясы | “А “ категориясындагы тракторист-машинист, Айыл чарба машиналарын оңдоочу слесарь |
| Окутуу формасы | Күндүзгү |
| Окутуу мөнөтү | 2 жыл |
| Лицензиянын билим берүүгө укутулугу жөнүндө маалымат | Мөөнөтсүз LS190001349<br>12.04.2019 ж. Каттоо номери № Н 2019-0010 |
| Алдынкы аккредитация: күнү, аккредитациянын колдонуу мөөнөтү, аккредитациялык агенттыктын аталышы (эгер бар болсо) | 2018-ж |
| Байланышуу даректери(дареги, сайти, ) | Адрес:Кыргыз республикасы, Ош облусу, Ноокат району, Жаңы-Ноокат айылы, Найманбаев көчөсү 1.<br>Тел. (03230) 055182; e-mail: pl5800@mail.ru;<br>Веб сайт; https://kl58.edu.kg/ |
| Байланышкан адам (Ф.А. А., e-mail:, телефон ) | Аккредитацияга жоопкер адам:<br>Каримова Шайыргүл Баймурзаевна,<br>моб: +996771261777;<br>e-mail: tameris1977@mail.ru |

Мен № 58 Кесиптик лицейдин директору Каримова Шайыргүл Баймурзаевна. 7233 "Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер)" адистигинин программалык аккредитация боюнча 40 барактан турган так, ишеничтүү, комплекстүү, адекваттуу жана толук өлчөмдө №58 Кесиптик лицейдин ишмердүүлүгүн мүнөздөгөн өзүн-өзү баалоо отчетун тастыктаймын.

Отчеттун негизги көлөмү 40 барактан турат.

Директор Каримова Ш. Б.

## Мазмуну

**Кыскартылган сөздөр** ........................................................................................................ **5**
**Киришүү** ........................................................................................................ **6**
**1- БӨЛҮМ №58 КЕСИПТИК ЛИЦЕЙИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ...... 6**
1.1 №58 Кесиптик лицейи жөнүндө жалпы маалымат........................................................ **6**
1.2 Уюштуруучулар жана башкаруу. Лицензиялоо жөнүндө маалымат .......................... **8**
1.3 №58 КЛдин миссиясы жана стратегиялык планы ........................................................ **8**
1.4 Уюштуруу түзүмү жана көмөкчү түзүмдүк бөлүмдөр ................................................ **.9**
1.5 ПК жана окуучулардын саны ........................................................................................ **10**
1.6 №58 КЛдин тарыхындагы билим берүү программаларынын түзүлгөн убактысы, себептери жана алардын аталышы ........................................................................ **11**
1.7 №58 КЛдин жетишкендиктери жана кемчиликтери .................................................... **11**
1.8 Каржылоо жана инвестициялар ........................................................................ **11**
1.9 Алдынкы аккредитация жөнүндө маалымат ................................................................ **12**
**2- БӨЛҮМ. ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯНЫН СТАНДАРТТАРЫ.**
**Стандарт 1. Билим берүү уюмунун көз карашы, миссиясы, стратегиясы. Билим берүү программасынын сапатын камсыз кылуу саясаты (максаттары, өнүгүү стратегиясы) жана жол жоболору………………………………........................................................................ 13**
**Стандарт 2: Программаларды жана квалификацияларды бекитүү, мониторинг жана мезгил-мезгили менен баалоо…………………………………………………………....... 15**
**Стандарт 3. Окуучулардын билим/компетенттүүлүк деңгээлин баалоо…...................... 21**
**Стандарт 4. Окуучуга багытталган окутуу…………………………………….............................. 24**
**Стандарт 5. Педагогикалык кадрлардын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыздоо ........................................................................................................ 28**
**Стандарт 6. Окуу ресурстары жана окуучуларды камсыз кылуу……………………....31**

**Стандарт 7. Билим берүү программасын натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылуучу маалымат системасы……………………………………………………………………...33**

**Корутунду ……………………………………………………………………………………….37**

| № | Ф. А. А. | Ээлеген кызматы | Колу |
|---|---|---|---|
| **Комиссия торагасы (төрайымы), аккредитация үчүн жоопкер** | | | |
| | Каримова Шайыргүл Баймурзаевна | №58 КЛдин директору | |
| **Комиссия мүчөлөрү** | | | |
| 1 | Коратоев Бекзод Туловолдиевич. | ООМИБ директор орун басары | |
| 2 | Худайберганова Шахноза Абдумуталибовна | ОТИБ директор орун басары | |
| 3 | Бобожонов Абдимутал Хамрокулович | Окуу бөлүмүнүн башчысы | |
| 4 | Эшматов Лухмонжон Туланбоевич | Ага устат | |
| 5 | Рузалиев Вохиджон Имаралиевич | Усулчу: | |
| 6 | Курбонов Мухаммадёкуб Абдуллажонович | Иш берүүчү | |

**КЫСКАРТУУЛАР:**

**КР- Кыргыз Республикасы**

**РИМБ- Республикалык методикалык илимий борбору**

**КУА- Квалификациялардын улуттук алкагы**

**ИСУ- Информационная система управления**

**ИСУО- Информационная система управления образованием**

**ПРООН- Программа развития организации обьединеных наций**

**КЛ- Кесиптик лицей**

**ПК- Педагогикалык курам**

**ББП- Билим берүү программалары**

**ОӨМИБ- Окуу өндүрүштүк методикалык иштер боюнча**

**ОТИБ- Окуу тарбия иштери боюнча**

**Киришүү**

7223 Кеңири профилдеги станокчу (токарь) адистигинин билим берүү программасы боюнча программаны аккредитациялоого арыз берүүнүн жана өз алдынча отчет жазуунун максаты билим деңгээлин жана "Сапаттуу Билим" аккредитациялоо агенттигинин стандарттарына шайкештигин тастыктоо болуп саналат. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу аккредитациялоо процедурасынын өзөгүн түзөт.
Ушуга байланыштуу №58 КЛ адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу максатында өзүнүн күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо үчүн өзүн өзү баалоо жүргүзөт.
Өзүн-өзү баалоо боюнча отчет жумушчу топ тарабынан даярдалып, №58 КЛдин ПКнын 2023-жылдын 7-декабрындагы № 45 педагогикалык кеңешинде талкууланып, ал даяр деп чечим кабыл алынып, көз карандысыз аккредитациялоо процедурасы үчүн «Сапаттуу билим» аккредитациялоо агенттигине өткөрүлүп берилди. Өзүн-өзү баалоо мөөнөтү 09.18.2023-ж. 2023-жылдын 6- декабрыга чейин.

## 1-БӨЛҮМ №58 КЛ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

1.1 №58 Кесиптик Лицейи1974-1982 окуу жылдары Караван айылындагы Мусаев атындагы №8 Кесиптик-техникалык окуу жайынын филиалы болгон. Ушул жылдар ичинде 200дөн ашуу окуучулар кесип ээси болгон.

1982-жылдан 1984-жылдан январь айына чейин Жаңы Базар айылындагы №54 Кесиптик техникалык окуу жайына филиал болгон. 1983 жылы Ноокат райондук эл депутаттарынын кеңешмесинин 31-октябрындагы №11/388чечимине ылайык Ош облустук баштапкы кесиптик билим берүү башкармалыгынын 1984-жылдын 1-апрелиндеги №9 буйругунун негизинде Ош облустук депутаттары жана Ош облустук аткаруу комитетинин 1984-жылдын 9-февралындагы №69-чечимине ылайык Кыргыз Республикасынын министрлер кеңешмесинин1984-жылдын 2-январындагы №1 чечиминин негизинде 1984-жылдын 1-апрелинен №58 айылдык кесипчилик техникалык билим берүү боюнча окуу жайы ачылып, 56 инженер-педагогдор иш баштаган.

№58 Кесиптик–техникалык билим берүү окуу жайында "Кеңири профилдеги тракторист машинист" адистиги боюнча 3 жыл окуу мөөнөт менен ачылган.

1984-жылдан 2009 окуу жылына чейин төмөндөгү адистиктер боюнча кадрлар даярдалган.

- ✓ Кеңири профилдеги такторист машинист (3 жыл мөөнөт менен);

- ✓ Азык тулук продукциясын сатуучу (10айлык мөөнөт менен);
- ✓ Электромонтёр,“С”категориясындагы айдоочу (10 айлык мөөнөт менен);
- ✓ 3-разряддагы тигүүчү (10 айлык мөөнөт менен);
- ✓ Жыгыч устаты (10 айлык мөөнөт менен);
- ✓ Тамекичилик устаты (10 айлык мөөнөт менен);

2008-окуу жылынан баштап окуу жайы кесиптик лицейи болуп атала баштады. Азыркы күндө “Айыл-чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер), “С” категориясындагы айдоочу, “Кыш-кыноочу”,“С”категориясындагы айдоочу, “Электр жана газ менен ширетүүчү”, “С”категориясындагы айдоочу,“Тигүүчү” адистиктерине бюджет жана контракт негизинде окутуу жана тарбиялоо үчүн 60 ден ашуу инженер педагогдор эмгектенип келишет.

Кесиптик лицейде 2007-жылдан 2015-жылга чейин төмөндөгү адистиктер боюнча кадрларды даярдап чыгарды.

- ✓ “Электр жана газ менен ширетүүчү“С”категориясындагы айдоочу” (10 айлык мөөнөт менен);
- ✓ “Кыш-кыноочу“С”категориясындагы айдоочу”(10 айлык мөөнөт менен);
- ✓ “Айыл-чарба өндүрушүнүн устаты (фермер)”, “А, В, Г” категориясындагы тракторист-машинист, “С”категориясындагы айдоочу
(3 жылдык мөөнөт менен)
- ✓ “Тигүү жабдууларын оператору, (тигүүчу)” (3 жылдык мөөнөт менен)
- ✓ “Тигүү жабдууларын оператору, (тигүүчу)”(10 айлык мөөнөт менен)
- ✓ “С”категориясындагы айдоочу”(3 айлык мөөнөт менен)
- ✓ “Автослесарь”(3 айлык мөөнөт менен)

Азыркы күндө кесиптик лицейде төмөндөгү билим берүү программалары боюнча окуучуларга билим берилүүдө:

- Айыл-чарба өндүрушүнүн устаты (фермер)”, “А” категориясындагы тракторист-машинист;
- “Тигүү жабдууларын оператору, (тигүүчу)”
- Электргаз менен ширетүүчү
- Кеңири профилдеги станокчу (токарь)
- “ВС” категориясындагы автотранспорт каражаттарын айдоочусу.

Мындан сырткары бүгүнкү күндө, эмгек базарыга жаңы заманбап адистерди даярдоо максатында бир канча жаңы адистиктер боюнча билим берүү пландаштырылып жатат.

Учурда лицей Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин Баштапкы кесиптик билим берүү башкармалыгына караштуу №58 Кесиптик лицей мекемеси деп аталат.

Кесиптик лицейде азыркы күндө 93 ишчи-кызматкерлер эмгектенип жатышат.

№58 Кесиптик лицей юридикалык жак катары мыйзамда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинен 2022- жылдын 02-июнунда кайра мамлекеттик каттоодон өткөн. Каттоо номуру 102114-3306-М-е, ИУЖК коду 01212661, идентификациялык салык номуру 01010200710159. *Юридикалык каттоо күбөлүгү;*

№58 КЛдин инфраструктурасы Ноокат районунун Жаңы-Ноокат айылында жайгашкан. Техникалык паспорту бар. *Техникалык паспорт*. Имараттын жалпы аянты 6000 чарчы метр

- Окуу корпусу
- Окуу лабораториялык каналар
- Администрациялык каналар

- Ашкана
- Спорттук плошадкалар
- Футбол аянтчасы

Окуу жайдын бардык окуу жана лабороториялык каналары, компьютердик класстары ж. б. санитардык-гигиеналык, коопсуздук эрежелерине жооп берет. КР ӨКМнин Ош облусу башкармалыгынын Ноокат райондук өзгөчө кырдаалдар бөлүмү (*Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн корутудусунан көчүрмө.)*жана Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министрлиги Ноокат райондук оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык- эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору (*Санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун актысынын көчүрмөсү;*

тарабынан жыл сайын текшерилип, керектүү корутундуулар берилген.

№58 КЛдин окуу процессин билим берүү ишмердигинин бардык аспектилерин жөнгө салуучу документтердин – «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, Эмгек кодексинин Уставынын, орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жобосунун негизинде ишке ашырат.

Окуу процессин уюштуруу жана ишке ашыруу методикалык-педагогикалык кеңештин чечимдеринин негизинде ишке ашырылат.

№58 КЛдин Камкорчулар кеңеши жамаат менен биргеликте колледждин өнүгүү стратегиясын аныктайт жана материалдык-техникалык базасын жакшыртууга салым кошуп жатат.

№58 КЛ проекттер менен иштешип келет.

2019-жыл ПРООН программасын алкагында “OPTIMUM” программалык башкарылуучу станогу жана Wi-Fi зоонасына уланган 5 даана компьютер жыйнагы, бир даана интрактивдүү доска, бир даана ноутбук алып келинип, электрондук китепкаана ачылды.

2022- жыл Ага-Хан фондунун “Арекетчил” долбору астында 1 дана компютерь жыйнагы алынып келинип тигүүчү окуу канасыга орнотулду.

2023- жыл Ага-Хан фондунун “Арекетчил” долбору астында 3 дана JUSTA тигүү машинасы жана башка тигүүчүлөр үчүн керектүү жабдыктар алынып келинип тигүүчү окуу лабораториялык канасыга орнотулду.

**1.2 Уюштуруучулар жана башкаруу. Лицензиялоо жөнүндө маалымат.**

Уюштуруучулук укуктук формасы: **Мекеме**

Менчигинин түрү: **Мамлекеттик**

Кесиптик лицейдин директору: Каримова Шайыргүл Баймурзаевна, тел. (03230) 055182

Аккредитация үчүн жоопкер тарап: Каримова Шайыргүл Баймурзаевна моб:+996771261777; e-mail: tameris1977@mail.ru

**Лицензиялоо жүнүндө маалымат**

№58 КЛ башталгыч кесиптик билим берүү тармагында билим берүү ишин жүргүзүүгө укуктуу. Төмөндөгү адистиктер боюнча 12.04.2019 -жылы башталгыч кесиптик билим берүү тармагында билим берүү ишин жүргүзүү укугуна ээ LS190001349 лицензия берилген. *( Лицензиянын копиясы.)* (мөөнөтү чексиз)

1. 7233 Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер)
2. 7443 Тигүчү
3. 7212 Электргаз менен ширетүүчү
4. 7223 Кеңири профилдеги станокчу (токарь)

**1.3 №58 КЛдин миссиясы жана стратегиялык максаты.**

**Миссия:** Өлкөнүн экономикасын көтөрүүгө өз салымын кошо алган, өз ишмердүүлүгүндө жаңы технологияларды колдоно билген, адептик баалуулуктарды жогору баалаган жана эмгек базарынын талаптарына ылайык келген компетенттүү жумушчу кадрларды даярдоо.

Миссия бардык кызыктар тараптардын керектөөлөрүн жана күтүүлөрүн талдоонун негизинде Жаңы-Ноокат айылындагы №58 Кесиптик лицейинин 2020-жылдын 22-августундагы педагогикалык кеңешинде кайра карап чыгылып, №2 протокол менен кабыл алган. *Миссияны кабыл алынгандыгы жөнүндөгү буйрук)*

Лицейдин миссиясы чоң баннерге кыргыз жана орус тилдеринде жазылып, окуу жайдын корпусунун кире бериш жерине илинген.

**№58 КЛдин максаты-** Заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу менен компетенттүүлүк мамиленин негизинде билим берүү программаларын натыйжалуу ишке ашыруу аркылуу адистерди сапаттуу даярдоо.
№58 КЛдин стратегиялык милдеттери:
- кадрдык ресурстарды, студенттердин санын чыңдоо жана штаттык окутуучуларды тартуу;
- билим берүү процессин өркүндөтүү;
- заманбап маалыматтык структураны түзүү;
- китепкана фондун өнүктүрүү;
- билим берүү кызматтарынын сапатын жогорулатууну камсыз кылуу;
лицейдин окуу, окуу-методикалык жана материалдык-техникалык базасын модернизациялоо;
- студенттердин өз адистиги боюнча кесиптик иштин бардык түрлөрүн ар тараптуу өнүктүрүүнү, практикалык иш үчүн зарыл болгон негизги жана кесиптик компетенцияларды калыптандырууну камсыз кылуу;
- кадрлар менен камсыздоону жакшыртуу жана инженердик-педагогикалык кадрларды даярдоонун деңгээлин жогорулатуу;
- колледжди финансылык жактан камсыздоону жакшыртуу;
- окуу процессинин бардык катышуучуларынын кызыкчылыктарына ылайык колледждин туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу.

*Уставдын көчүрмөсү.*

**1.4 Уюштуруу түзүмү жана көмөкчү түзүмдүк бөлүмдөр.**

**Уюштуруу түзүмү.**

| № | Ээлеген кызматы | Ф. А. А. |
|---|---|---|
| 1 | Окуу жайдын директору | Каримова Ш.Б. |

| | | |
|---|---|---|
| 2 | Окуу өндүрүштүк методикалык иштер боюнча директордун орун басары | Коратоев Б.Т. |
| 3 | Окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары | Худайберганова Ш. Х. |
| 4 | Баш эсепчи | Жамолов Н.Н |
| 5 | Кожолук иштери боюнча директордун орун басары | Худайназаров А. А. |
| 6 | Окуу бөлүмүнүн башчысы | Бобожонов А. Х. |
| 7 | Ага устат | Эшматов Л. Т.<br>Беккелдиев А. А. |
| 8 | Усулчу | Рузалиев В. И. |
| 9 | Жалпы билим берүү программалары боюнча усулдук бирикме жетекчиси | Каримов Ф. А. |
| 10 | Атайын предметтер жана өндүрүштүк окутуу боюнча усулдук бирикме жетекчиси | Юсуфжонова П. Х. |
| 11 | Мугалимдер | |
| 12 | Устаттар | |
| 13 | Тайпа жетекчилери | |

Ошондой эле №58 КЛде төмөндөгүкөмөкчү түзүмдүк бөлүмдөр бар:
1. Лицейдин кеңеши өз алдынча башкаруунун шайлануучу өкүлчүлүктүү органы болуп саналат, колледждин иштөө жана өнүктүрүү маселелерин бекитүү жана координациялоо боюнча башкаруучулук ыйгарым укуктарга ээ.
2. Педагогикалык кеңеш лицейдин коллегиалдуу башкаруу формасы болуп саналат, алардын негизги максаттары кесиптик билим берүү программаларын ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн студенттер жана лицейдин окутуучулары үчүн зарыл шарттарды түзүү болуп саналат.
3. Окуу-методикалык кеңеш - окуу-усулдук иштерин координациялайт
4. Студенттик парламент студенттин өкүлчүлүктүү коллегиалдуу органы болуп саналат ишмердүүлүгү студенттердин окуу процессин башкарууга катышуусуна, студенттердин турмушундагы маанилүү маселелерди чечүүгө, алардын коомдук активдүүлүгүн өнүктүрүүгө, коомдук демилгелерди колдоого жана ишке ашырууга багытталган

5. Камкорчулар кеңеши – анын негизги максаты катышууну камсыз кылуу жарандардын лицейдин ишине коомдук контролду ишке ашырууда, лицей менен коомчулуктун ортосунда натыйжалуу өз ара аракеттенүүнү уюштурууда, алардын уставдык функцияларын ишке ашырууда лицейге жардам көрсөтүүдө, уюмдардын жана айрым жарандардын материалдык-техникалык жана билим берүү базасын жакшыртууга багытталган күч-аракетин бириктирүү; базалык, билим берүү жана инновациялык процесстер, ошондой эле лицейдин бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каражаттарды пайдалануунун ачык-айкындуулугун камсыз кылуу.

**1.5 ПК жана окуучулардын саны.**

| № | Шифр | Адистиктердин аталышы | Окутуунун формасы | Курстар | | | | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 | 2 | 3 | 10ай | |
| **1** | 7233 | Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер) | **күндүзгү** | **125** | **110** | **78** | | **313** |
| **2** | 7443 | Тигүүчү | **күндүзгү** | **33** | **28** | **-** | **32** | **93** |
| **3** | 7212 | Электргаз менен ширетүүчү | **күндүзгү** | **-** | **-** | **-** | **27** | **27** |
| **4** | 7223 | Кеңири профилдеги станокчу (токарь) | **күндүзгү** | **-** | **-** | | **30** | **30** |

**5 жылкы бүтүрүүчүлөр жөнүндө маалымат**.

| **Шифр** | **Адистиктердин аталышы** | **2018-2019** | **2019-2020** | **2020-2021** | **2021-2022** | **2022-2023** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 7233 | Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер) | 110 | 77 | 78 | 76 | 103 |
| 7443 | Тигүүчү | 53 | 29 | 27 | 25 | 54 |
| 7212 | Электргаз менен ширетүүчү | 25 | 27 | 26 | 24 | 26 |
| 7223 | Кеңири профилдеги станокчу (токарь) | - | 25 | 25 | 27 | 24 |
| | Бардыгы | 188 | 158 | 156 | 152 | 207 |

**2023-2024- окуу жылындагы мугалимдердин саны**

| Бардык мугалимдер | Штат менен | Айкалаш | Устаттар |
|---|---|---|---|
| 31 | 27 | 4 | 32 |

**1.6 №58 КЛдин тарыхындагы билим берүү программаларынын түзүлгөн убактысы, себептери жана алардын аталышы.**

№58 кесиптик–техникалык билим берүү окуу жайы 1974-жылы колхозду механизатор адистиги менен камсыздоо максатында “Кеңири профилдеги тракторист машинист” адистиги боюнча 3 жыл окуу мөөнөт менен ачылган.

1984-жылдан 2009 окуу жылына чейин төмөндөгү адистиктер боюнча кадрлар даярдалган.

- ✓ Кеңири профилдеги такторист машинист (3 жыл мөөнөт менен);
- ✓ Азык тулук продукциясын сатуучу (10айлык мөөнөт менен);
- ✓ Электромонтёр,“С”категориясындагы айдоочу (10 айлык мөөнөт менен);
- ✓ 3-разряддагы тигүүчү (10 айлык мөөнөт менен);
- ✓ Жыгыч устаты (10 айлык мөөнөт менен);
- ✓ Тамекичилик устаты (10 айлык мөөнөт менен);

7223 Кеңири профилдеги станокчу(токарь) адистиги 2019-жыл эмгек базарынын талаптарын үйрөнүп, калктын сурамжылоосунун негизинде ачылды. 2020- жыл “Кеңири профилдеги станокчу (токарь)” адистиги боюнча алгачкы бүтүрүүчүлөр окуу жайды бүтүрүп чыкты.

### 1.7 №58 КЛдин Артыкчылыктери жана кемчиликтери.

**Артыкчылыктери.**

- ✓Эрте жашынан эмгекке ыңгайлашуу, эрте ишке орношуу жана акча табуу мүмкүнчүлүгү;
- ✓ Кесибин алмаштыруу мүмкүнчүлүгү;
- ✓Окууга акысыз тапшыруу мүмкүнчүлүгү;
- ✓Ишканадан насаатчы менен иш ордунда окуудан өтүү мүмкүнчүлүгү;
- ✓ Кошумча кыска мөөнөттүү курстардын бардыгы;
- ✓Башталгыч кесиптик билим берүү боюнча аймакта бир эле окуу жай болгондугу

**Кемчиликтери.**

-Башталгыч кесиптик билим алуудан кийин, жогорку билим албай калуу мүмкүнчүлүгү бар экендиги.

**Мүмкүнчүлүктөрү.**

-Жогорку билимдүү адистерге болгон суроо-талапка байланыштуу жогорку окуу жайларда окууну улантуу мүмкүнчүлүгүнүн бар экендиги.

### 1.8 Каржылоо жана инвестициялар.

№58 КЛды каржылоо жана инвестициялоо республикалык бюджеттин, Азия өнүктүрүү банкынын (АӨБ), ПРООН программасынын, АГа-Хан фондунун жана атайын эсептин каражаттарынын эсебинен ишке ашырылат. Мунун негизинде №58 КЛдин
финансылык ресурстарын бөлүштүрүүнүн структурасы төмөнкүдөй:
-кызматкерлердин эмгек акысы -58,5%;
- коммуналдык кызматтар -4,1%;
- оргтехниканы сатып алуу -28%;
- окуу адабияттарын сатып алуу – 3%;
- КУАУнун имараттарын оңдоо -46,8%;
- кожолук чыгашалар -17,9%.

### 1.9 Алдынкы аккредитация жөнүндө маалымат

2018-жылдын 26-майындагы №17/2 буйругунун негизинде өткөн мурунку аккредитациянын жыйынтыгы боюнча эксперттик комиссия төмөнкү сын-пикирлерди жана сунуштарды көрсөттү:
1. Сапатты камсыздоонун ички системасын ишке киргизүү. Ички жана тышкы кызыкдар тараптардын ролун жана жоопкерчилигин көрсөтүү менен сапаты башкаруунун тиешелүү стандарттарын, жол-жоболорун жана критерийлерин иштеп чыгуу жана бекитүү;
2. Стратегиялык максаттарды ишке ашырууну жакшыртуу максатында системалуу мониторинг, талдоо, баалоо жүргүзүү үчүн лицейдин директорунун тиешелүү буйругу

менен сапатты камсыздоо бөлүмүн түзүүнү же өкүлдүн ыйгарым укуктарын белгилүү бир адамга же кызматкерлердин тобуна берүү.
3. Билим берүү кызматтарынын сапатын башкарууга кызыкдар тараптарды тартуу максатында социалдык өнөктөштүк стратегиясын иштеп чыгуу;
4. Билим берүү программасын өркүндөтүү максатында кызыкдар тараптардын пикирлерин чогултуу жана талдоо боюнча колледждин ишмердүүлүгүн системалаштыруу;
5. Кызыкдар тараптарды тартуу менен билим берүү программасын иштеп чыгуу, кайра карап чыгуу жана баалоо боюнча жоболорду, ошондой эле баалоо критерийлерин иштеп чыгуу жана бекитүү;
6. Кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана күтүүлөрүн талдоонун негизинде билим берүүнүн максаттарын жана күтүлгөн окуу натыйжаларын кайра карап чыгуу;
7. Мониторингдин жана баа берүүнүн негизинде лабораторияларды жана цехтерди жабдууну модернизациялоо стратегиясын иштеп чыгуу; электрондук китепкананы түзүү;
8. КЛдин имараттарын капиталдык оңдоону камсыз кылуу;
9. Лицейдин коммуникация стратегиясын иштеп чыгуу. Сапатты камсыз кылуу боюнча иш-чараларды оптималдаштыруу үчүн маалыматтык башкаруу системасын түзүү. Вебсайты иштеп чыгуу;
10. Адам ресурстарын башкаруу боюнча саясатты (концепция, стратегия, позиция, пландар, иштин натыйжалуулугун баалоо критерийлери) иштеп чыгуу (анын ичинде талдоо, өнүктүрүү, көтөрүү, баалоо, персоналды мотивациялоо). Квалификацияны жогорулатуу планына сапатты камсыздоо (сапатты камсыздоонун инструменттери жана жол-жоболору) маселеси боюнча педагогикалык кадрларды даярдоону киргизүү.
11. Окуу куралдарын жана башка илимий иштеп чыгууларды, анын ичинде электрондук ресурстарды иштеп чыгууну стимулдаштыруу максатында окутуучулук курамды мотивациялоо системасын иштеп чыгуу.
12. Кызыкдар тараптардын (студенттер, мугалимдер, иш берүүчүлөр) катышуусу менен мониторингдин жана баа берүүнүн натыйжалары боюнча иш-чараларды жакшыртуу планын түзүү жана ишке ашыруу;

№58 КЛдин өзүн-өзү жана сырткы баалоонун жыйынтыктарын талдоонун жана баалоонун негизинде эксперттик комиссия Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясына 5 жылдык мөөнөткө КЛдин билим берүү программаларын лицензиялоо сунушун берди. *Сертификат.*

**2-БӨЛҮМ**

## БАШТАПКЫ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН АКРЕДИТАЦИЯЛОО СТАНДАРТТАРЫ ЖАНА КРИТЕРИЙЛЕРИ

***Стандарт 1. Билим берүү уюмунун көз карашы, миссиясы, стратегиясы. Билим берүү программасынын сапатын камсыз кылуу саясаты (максаттары, өнүгүү стратегиясы) жана жол-жоболору.***

*Билим берүү уюмунун көз карашы, миссиясы, стратегиялык максаттары жана пландары кызыкдар тараптардын конкреттүү кызыкчылыктарын, керектөөлөрүн жана күтүүлөрүн, ошондой эле өлкөнүн билим берүү жана туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү ниетин жана максаттарын чагылдырат.*

***1.1 Билим берүү уюму кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана күтүүлөрүн талдоонун негизинде иштелип чыккан жана макулдашылган көз карашына, миссиясына жана стратегиясына ээ, көз карашын, миссиясын, стратегиясын калыптандыруу жана үзгүлтүксүз карап чыгуу механизмдерине ээ жана алардын кызыкдар тараптардын катышуусу менен ишке ашырат.***

Бардык кызыктар тараптардын керектөөлөрүн жана күтүүлөрүн талдоонун негизинде Жаңы-Ноокат айылындагы №58 Кесиптик лицейи 2020-жылдын 22-августундагы педагогикалык кеңешинде өзүнүн миссиясын кайра карап чыгып, №2 протокол менен төмөнкү миссияны кабыл алган: ***Өлкөнүн экономикасын көтөрүүгө өз салымын кошо алган, өз ишмердүүлүгүндө жаңы технологияларды колдоно билген, адептик баалуулуктарды жогору баалаган жана эмгек базарынын талаптарына ылайык келген компетенттүү жумушчу кадрларды даярдоо*** *(1.1-тиркеме)* Лицейдин миссиясы чоң баннерге кыргыз жана орус тилдеринде жазылып, окуу жайдын корпусунун кире бериш жерине илинген *(1.2-тиркеме).* Окуу жайы өзүнүн миссиясын жыл сайын бардык кызыктар тараптарга маалымдап барат жана керектүү түзөтүүлөрдү киргизет.*(1.3-тиркеме).* Кесиптик лицейи бардык кызыктар тараптардын керектөөлөрдү эске алуу менен иштелип чыккан өзүнүн стратегиялык планыга ээ.*(1.4- тиркеме)* Бул план КР өндүрүштүн 2019-2023-ж.ж. туруктуу өнүктүрүү стратегиясын, КР 2026- жылга чейинки Улуттук туруктуу өнүктүрүү программасын, 2022- жылга чейинки КР илим жана билим берүү министрлигинин иш планынын негизинде иштелип чыгып, түзүлгөн жана жыл сайын аткарылган иштерге карата мониторинг жүргүзүлөт. *(1.5- тиркеме)* Окуу жайында кабыл алынган стратегиялык пландын аткарылышы билим берүү уюмунун планы жана анын бөлүмдөрүнүн иш пландарында *(1.6-тиркеме)* көрсөтүлгөн.

*1.1-тиркеме. Миссияны кабыл алынгандыгы жөнүндөгү буйрук*
*1.2-тиркеме. Фотоматериалдар.*
*1.3-тиркеме. Протоколдордун көчүрмөсү.*
*1.4-тиркеме. Стратегиялык пландын көчүрмөсү.*
*1.5-тиркеме. Отчёттон көчүрмө.*
*1.6.-тиркеме. Иш пландардан көчүрмө*

***1.2. Билим берүү уюму кызыктар тараптардын миссия, стратегия жана аларды түзүү жана ишке ашыруу процесстери жөнүндө кабардар болушун камсыздайт.***

Кесиптик лицейи өзүнүн миссиясын, стратегиялык планын жана аны ишке ашыруу процесстери жөнүндө маалымдоо, учурдагы жана келечектеги керектөөлөрүн жана күтүүлөрүн эске алуу менен үзгүлтүксүз талдоодон өтүп турушун камсыздоо максатында бардык кызыктар тараптар менен жолугушуулар өткөрүп турат. *(1.7- тиркеме)* Андан сырткары окуу жайдын өзүнүн сайтында *(1.8- тиркеме)* лицейдин ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтар жайгаштырылып, кызыкдар тараптар лицейдин миссиясы, стратегиясы жана аларды ишке ашыруу тууралуу маалыматты алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Кесиптик лицейдин инстаграм жана фейсбук баракчаларында *(1.9-тиркеме)*күнүмдүк жаңылыктар жана миссиянын ишке ашырылышы жөнүндө маалымат берилет.

*1.7-тиркеме. Жолугушулардын протоколдору*

*1.8-тиркеме. Сайттын ссылкасы:* https://kl58.edu.kg/

*1.9-тиркеме. Инстаграм жана фейсбук баракчалардын ссылкасы.*

***1.3. Билим берүү уюму мамлекеттик органдар жана башка иш берүүчүлөр менен биргеликте ишке орноштуруу мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү боюнча конкреттүү стратегияга ээ; билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүнүн профили КУА нын 3.4-деңгээлинин мазмунуна ылайык эмгек рыногунун аныкталган керектөөлөрүнө ылайык келет, квалификациялардын жана компетенциялардын тармактар аралык салыштырылышын, ошондой эле жеке жана кесиптик компетенцияларга, көндүмдөрдү, жөндөмдөрдү жана билимдерге талаптарды камсыз кылат.***

Окуу жайында бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү максатында карьера борбору түзүлгөн. Карьера борборуна 2021-жылдын 3-мартында Мирзаев А жетекчи болуп дайындалган *(1.10-тиркеме).*

Кесиптик лицейде карьера борбору тарабынан жыл сайын “Бош орундар ярмаркасы” жана иш берүүчүлөр менен тегерек столдор уюштурулат. Аталган иш чарага иш берүүчү уюмдар, Мамлекеттик органдардын өкүлдөрү катышып, бош жумуш орундары жөнүндө маалыматтарды беришет. Мындай иш-чараларга бүтүрүүчү курстун окуучулары, катышып бош жумуш орундары жөнүндө маалыматтарды алышат. Кесиптик лицейдин акыркы төрт жылдыктагы бүтүрүүчүлөрдүн жумушка жайгашуусу төмөнкү диаграммада көрсөтүлгөн

| **Окуу жылдары** | **Жумушка жайгашуусу** |
|---|---|
| 2018/2019 | 35% |
| 2019/2020 | 35% |
| 2020/2021 | 45% |
| 2021/2022 | 50% |




Андан сырткары №58 кесиптик лицейи айыл жергесинде жайгашкандыгы үчүн ар бир бүтүрүүчү өзүнүн жер тилкелеринде иш алып баруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Окуу жайы аталган адистик боюнча түзүлгөн жумушчу иш планын бүтүрүүчүлөрдүн профилдери эмгек базарындагы ачыкталган керектөөлөргө туура келет. Окуу планы иш берүүчүлөр менен макулдашылып окутулат.Типтүү окуу планы аталган кесип боюнча мамлекеттик билим берүү стандартына жана максаттарына ылайык келет. Жумушчу пландар иш берүүчүлөрдүн катышуусу менен такталып,*(1.11-тиркеме)* жыл сайын алымча-кошумчалар киргизилет.

*1.10-тиркеме. Карьера борборунун жетекчисин дайындоо боюнча буйруктан көчүрмө.*
*1.11-тиркеме. Жумушчу пландардан көчүрмө.*

***1.4. Билим берүү уюмунун стратегиялык планы ички жана тышкы абалына жылдык мониторингдин жана далилдердин негизинде билим берүү уюмунун реалдуу натыйжалары үчүн жакшыртуу багыттарын аныктайт.***

Окуу жайында кабыл алынган стратегиялык пландын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү үчүн лицейдин башкаруу структурасы жалпы мониторинг*(1.12-тиркеме)* жүргүзүп турат. 2019-2020 окуу жылындагы мониторингде стратегиялык планга кирген иштер ишке ашырылган. Мисалы: эмгек базарынын талаптарын эске алуу менен окуу жайда “Кеңири профилдеги станокчу, (токарь)” адистиги ачылды. 2019-жыл ПРООН долборунун алкагында “OPTIMUM” программалык башкарылуучу станогу*(1.13-тиркеме)* жана Wi-Fi зоонасына уланган 5 даана компьютер жыйнагы, бир даана интрактивдүү доска, бир даана ноутбук*(1.14-тиркеме)* алып келинип, электрондук китепкаана ачылды.

Мониторингдин натыйжалары квартал сайын директор алдындагы педагогикалык, методикалык кеңешмелерде каралып, талкууланып барылат. *(1.15- тиркеме)*

*1.12-тиркеме. Стратегиялык пландын аткарылышы боюнча жалпы маалымат.*
*1.13-тиркеме. Фотоматериалдар.*
*1.14- тиркеме. Фотоматериалдар .*
*1.15-тиркеме. Методикалык кеңешменин протоколунан көчүрмө.*

| **Күчтүү жактары:** | **Алсыз жактары:** |
|---|---|
| ✓ Кесиптик лицейдин билим берүү процессиндеги педагогикалык, социалдык, илимий техникалык, ж.б. багыттардагы жетишкендиткеринин аймактык, республикалык деңгээлде маалым экендиги;<br>✓ Башталгыч кесиптик билим берүү боюнча аймакта бир эле окуу жай болгондугу;<br>✓ Окуучулардын кесиптик лицейдин миссиясын терең түшүнүүсү; | ✓ “Айыл-чарба өндүрүшүнүн устаты, (фермер)” адистигинин окуучулардын эки жерде жайгашкан имаратта 2 сменада окуусу;<br>✓ “Айыл-чарба өндүрүшүнүн устаты, (фермер)”адистигин окутуудагы айрым окутуучулардын өз адистиги боюнча тажрыйбасынын жетишсиздиги;<br>✓ Адистиктин окуу-методикалык колдонмолордун жетишсиздиги;<br>✓ Окуучулардын орус тилин билүү деңгээлинин төмөндүгү; |

***Стандарт 2. Программаларды жана квалификацияларды бекитүү, мониторинг жана мезгил-мезгили менен баалоо.***

*Билим берүү уюмунда билим берүү программаларын жана квалификациясын иштеп чыгуу, мезгил-мезгили менен кароо, мониторинг жүргүзүү, баалоо жана өркүндөтүү механизмдери бар. ББП спецификациясы окутуудагы компетенттүүлүк мамиленин негизинде аныкталат.*

***2.1. Окуу пландарын жана окуу модулдарынын программаларын иштеп чыгуу жана мезгил-мезгили менен кайра карап чыгуу кызыкдар тараптардын катышуусу менен***

***миссияга, билим берүүнүн максаттарына жана окутуунун натыйжаларына ылайык жүзөгө ашырылат.***

Окуу жай билим берүү максатына жетүү үчүн, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө жооп берүүсүн кепилдөө жана аныктоо үчүн жумуш берүүчүлөрдү жана башка кызыктар тараптарды катыштырып, билим берүү программаларын кайра карап чыгуу ишин жүзөгө ашырат. Билим берүү программаларынын максаттары кызыкдар тараптар менен талкуулоонун жыйынтыгында иштелип чыгып, педагогикалык кеңеште *(2.1-тиркеме)* бекитилет.

***Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер) адистигин жумушчу кадрларды даярдоо үчүн өз алдыга койгон максаттары:***

***М1.***Окуучулардын социалдык-инсандык сапаттарын калыптандыруу, жалпы маданияттуулук деңгээлин жана кругозорун жогорулатуу; бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жана расмий тилдерде ишмердүүлүгүн жүргүзө алуусун камсыздоо, билимин жана билгичтиктерин Кыргызстандын ар тараптан өнүгүшү үчүн жүзөгө ашырууга даяр экендигин тарбиялоо, өлкө үчүн болгон патриоттук сезимдерин жогорулатуу.

***М2.***Базар экономикасы талап кылынган иш чөйрөдө ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берүүчү кесиптик билимдерди өздөштүрүүсүн камсыздоо жана аларды иш жүзүндө колдоно алууга даярдоо.

***М3.*** Бүтүрүүчүлөргө ишмердүүлүк чөйрөдөгү маселелерди чечүүнүн, агротехникалык процесстерди түзүү, пландаштыруу, аларды ыкмаларын жана методдорун колдоно алуу, инструменталдык тейлөө технологияларын өздөштүрүү менен иштете алуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу.

***М4.*** Болочок адисти илимдин жана техниканын жаңылыктарын жана жетишкендиктерин колдонуу менен айыл-чарба продукцияларын жетиштирүү жана киреше алууга, команда менен иштөөгө, өндүрүштөгү ар түрдүү татаал кырдаалдардан жана конфликтик ситуациялардан чыгымды азайтуу менен мыйзам чегинде чыга алууга үйрөтүү.

***М5.*** Билимин жана квалификациясын тынымсыз өз алдынча өркүндөтүүгө тарбиялоо менен болочок кадрларды коомдо иштөөгө, ресурстарды рационалдуу пайдаланууга, инновациялык ишмердүүлүккө, эмгек базарынын шарттарында киреше табууга, ата мекендик жана чет элдик тажрыйбаларды колдонуу менен гранттарды алууга жана инвестицияларды тартууга даярдоо.

Адистик үчүн РИМБ тарабынан квалификациялык мүнөздөмө иштелип чыгылган. Квалификациялык мүнөздөмө билим берүүнүн күтүлүүчү натыйжалары болуу менен лицейдин билим берүү максаттарына шайкеш келет.

**Күтүлүүчү натыйжа**

**Айыл-чарба өндүрушунун устаты «Фермер» төмөндөгүлөрдү билүүгө тийиш:**

1. Машина трактор агрегаттары менен топуракты иштетүү үчүн агротехниканы агрохимиялык иштеринин технолологияларыны; айыл-чарба эгиндерин эгип жетиштирүүнү ыкмаларын билүүсү;

2. Айыл-чарба машиналарын, трактор жана автомобилдерди түзулүшүн, кыймыл эрежелерин, технологиялык кубулуштарын, техникалык жана технологиялык башкарууну билүүсү;
3. Агротехникалык жана агрохимиялык жумуштарды аткаруу үчүн машина-трактор агрегаттарын комплекттоонун эрежелерин биллүүсү;
4. Жол-кыймыл эрежелерин жана жүк ташуу эрежелерин билүүсү;
5. Машиналарды ишке чыгаруу боюнча документтерди толтуруу жана мазмунун билүүсү, машина жана тракторлорду күйүүчу жана майлоочу материалдарын эсептөөнү жана үнөмдөп сарптоону билүүсү;
6. Машиналарды ремонттодо металлдар, металл куймолор жана металл эмес материалдарды даярдоону, машина тетиктерин ремонттону жана май, лак, боёк материалдарын өз ордунда иштетүүнүү билүүсү;
7. Жумуш сапатынын стандарттык көрсөткүчтөрү жөнундө негизги малыматтар: Техникалык өлчөмдөрдүн негизини, трактор, автомобилдер, айыл-чарба машиналары жана өзү жүрүүчү машиналар (комбайндар)га техникалык тейлөөнүн негизги абалдары; өсүмдүктөрдү химиялык коргоо убактында машиналарды жешилүүдөн сактоонун эрежелерин, татаал эмес слесардык иштерди аткарууну, техникалык тейлөөнүн операцияларрын билүүсү;
8. Айыл-чарба машиналары, жана автомобилдерден пайдалануу убагында пайда болгон техникалык бузуктуктарды себеп жана белгилерин четтетүүнун жолдорун билүүсү;
9. Трактор жана айыл-чарба машиналарын сактоого даярдоону ыкмаларын жана сактоодон алуунун эрежелерин билүүсү;
10. Машиналарды чиймелеринин окууну, технологиялык карталардын кубулушун, технологиялык жана агротехникалык жумуштар технологиясыны уюштурууну билүүсү;
11. Генератор, трансформатор, электродвигателдер, комуникациялык электрдик аппараттар, жөнөкөй автоматикалык түзулүштөрду элементтерин жана иштөө принциптерин билүүсү;
12. Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча негизги мыйзамдарды билүүсү;
13. Биринчи медициналык жардам көрсөтүу жана ветеринардык, санитарялык иштерди; Иштеп чыгарууда санитардык-гигиена эрежелерине амал кылууну, кыймыл коопсуздугун, орт коопсуздугу эрежелерин жана эмгекти коргоонун эрежелеринбилүүсү;

**Айыл-чарба өндүрушунун устаты «Фермер» төмөндөгүлөрдү аткара билүүгө тийиш:**

1. Базадагы негизги маркадагы машина жана трактор агрегаттары менен агротехникалык иштерди оз алдынча аткарууну, дан жана атайын комбайндар менен өсумдүктөрдү өстурүп жыйноону;
2. Агротехникалык жумуштарды аткаруу үчун машина-трактор агрегаттарын комплекттоону, машина жана механизмдерди саздоону;
3. Транспорт жумуштарын аткаруу;
4. Машиналар менен аткарылуучу иштердин алгачкы документтерин толтурууну, машина жана тракторлорду күйүүчу жана майлоочу материалдарын эсептөөнү жана үнөмдөп сарптоону билүүсү;
5. Слесардык иштерди өз алдынча аткарууну;
6. Өз алдынча сменалык техникалык тейлөөну, автомобилдер жана трактор агрегаттарына, дан жана атайын комбайндарга заманбап, татаал эмес аралык техникалык тейлөөну;
7. Автомобилдер, өзү жүрүүчү машиналар жана машина трактор агрегаттарынаы татаал эмес бузуктуктарын себептерин аныктоо жана аларды четтетүүнү;

8. Машиналарды сактоого коюу жана сактоодон алуу иштерине талап кылынуучу нормативдуу-техникалык документтерди толтурууну;
9. Машиналарды чиймелери, графиктери, схемаларыны окууну, машина эксплуатациясында инструкциядан пайдаланууну;
10. Күйүүчу жана майлоочу материалдарыны, техникалык-резина буюмдарды, электр энергия жана запас тетиктерди үнөмдөп иштетүү;
11. Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча иш-чараларды өткөрүүнү;
12. Биринчи медициналык жардам көрсөтүү жана санитарялык иштерди;
Иштеп чыгарууда санитардык-гигиена эрежелерине амал кылууну, кыймыл коопсуздугун, орт коопсуздугу эрежелерин жана эмгекти коргоонун эрежелерини.
*2.1-тиркеме. Педагогикалык кеңешменин протоколу.*

***2.2. Билим берүү программасынын мазмуну (окуу планы, ар бир дисциплинанын иш программасы ж.б.) ББПнын максаттарына туура келет жана 3, 4- КУА боюнча окуу натыйжаларына жетишүүнү камсыз кылат.***

«Айыл-чарба өндүрушунун устаты (фермер)» адистигине типтүү окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин РИМБ тарабынан берилет. Типтүү окуу планынын негизинде жумушчу окуу планы түзүлөт. Окуу программалар мамлекеттик билим берүү стандарттарына дал келет.

***2.3. Билим берүү уюму кызыкдар тараптарды тартуу менен жана билим берүү программасын өркүндөтүү максатында (иш-көлөмү; билим, көндүм, компетенция) үзгүлтүксүз (жылына бир жолу) мониторингди, талдоону жана билим берүү программасынын натыйжаларына баа берүүнү жүргүзөт.***

«Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты, (фермер)» адистиги боюнча, мамлекеттик билим берүү стандартына жана РИМБ тарабынан берилген типтүү окуу планынын *(2.2-тиркеме)* негизинде окутуунун жумалык жүктөмдөрү аныкталган. 1- курстун биринчи жарым жылдыгынан 2-курстун жарым жылдыгынын аягына чейин 36 сааттан, 2-курстун 2- жарым жылдыгында 38сааттан, 3-курста 39сааттан белгиленген. Сабак жадыбалында*(2.3-тиркеме)* ушул талап аткарылат. Окуучунун өз алдынча иши жогорудо көрсөтүлгөн саттын ичине кирет.

Окутуучулардын жана окуучулардын окуу жүгүнүн аткарылышына көзөмөлдөө максатында:

- ОӨМИБ директордун орун басары *(2.4-тиркеме)*, ага устат *(2.5-тиркеме)*ар бир сабактын мугалимдеринен жана өндүрүштүк сабактын устаттарынан окуткан сабактары боюнча маалымат алып турат.
- Ошондой эле жыл ичинде окуучулардын жетишкендигин аныктоо үчүн жарым жылда мугалимдер предметтер боюнча окуучулардын билим деңгээлинин жетишкендиги тууралуу мониторинг*(2.6-тиркеме)*чыгарып турушат. Окуучулардын академиялык жетишкендиктери 12-таблицада көрсөтүлгөн.
- Мониторингдин натыйжалары педагогикалык кеңеште каралып, талкууланып,*(2.7-тиркеме)*жыйынтыкталат.
- Окуучулардын окуу жайдагы окутуу процессине канааттангандыгы сурамжылоо *(2.8-тиркеме)* аркылуу мезгил-мезгили менен аныкталат. Ошондой эле жумуш берүүчүлөр этаптык жана жыйынтыктоочу аттестацияларга, сабактарга катышып, өз баалоолорун беришет.

*2.1-тиркеме. Педагогикалык кеңешменин протоколу*
*2.2-тиркеме. Типтүү пландан көчүрмө.*
*2.3-тиркеме. Сабак жадыбалындан көчүрмө.*
*2.4-тиркеме. ОӨМИБ директордун орун басарынын окутулган сааттар*

*жөнүндө маалыматы;*
*2.5-тиркеме. Ага устаттын окутулган сааттар жөнүндө маалыматы;*
*2.6-тиркеме. Мугалимдердин жарым жылдык баалар боюнча билим деңгээлинин жетишкендиги тууралуу мониторингдери;*
*2.7-тиркеме. Педагогикалык кеңешменин токтому;*
*2.8-тиркеме. Окуучулар ортосунда өткөрүлгөн анкетанын анализи;*

***2.4. Билим берүү уюмунда билим берүү программасын, алардын максаттарын жана окутуунун натыйжаларын мезгил-мезгили менен баалоо жана өркүндөтүү үчүн жол-жоболору жана жооптуу кызматтары (адамдары), билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү боюнча чечимдерди кабыл алуу механизмдери, билим берүү программаларын жана алардын максаттарын жана окуу натыйжаларын иштеп чыгуу жана карап чыгуу. КУА 3, 4 мазмуну.***

№58 Кесиптик лицейинде билим берүү программасын, алардын максаттарын жана окутуунун натыйжаларын мезгил-мезгили менен баалоо жана өркүндөтүү үчүн жооптуу адамдар окуу жайдын жетекчисинин буйругунун негизинде *(2.9-тиркеме)* бекитилген.

| № | ФИО | Кызматы | Мониторинг багыты |
|---|---|---|---|
| 1. | Каримова Ш | №58 КЛдин директору | Лицейдин жалпы өнүгүшү |
| 1. | Коратаев Б | ОӨМИ боюнча директо басары | Билим берүү жана ага түзүлгөн ша |
| 2. | Эшматов Л | Ага устат | Өндүрүштүк окууну, өндүрүштүк г уюштуруу,өткөрүү |
| 3. | Худайберганова Ш | ОТИ боюнча дир орун б | Окуучулардын сабактан тышкаркы тарбиялык, колдоо кызматтары, ма массалык иштер. |
| 4. | Бобожонов А | Лицей бөлүм башчысы | Жалпы билим берүүчү предметтерд окутулушун абсолюттук жана сапа жетишүүсү |
| 5. | Рузалиев В | Усулчу | Теориялык жана практикалык саба окутуунун ыкмалары, жолдору жан |

*2.9-тиркеме. Буйруктардан көчүрмө.*

***2.5. Билим берүү программасын карап чыгуу жана кызыкдар тараптарга билим берүү программасынын сапаты жөнүндө маалымат берүү процессинде пайда болгон өркүндөтүү процесстерин ишке ашырууга көмөктөшүүчү механизмдин болушу***

Билим берүү процессин жакшыртуу максатында кызыктар тараптардын катышуусунда Окуу жайында, окуу жылынын апрель*(2.10-тиркеме)*жана октябрь айларында бардык кызыкдар тараптар менен жолугушуулар өткөрүп түрулат*(2.11-тиркеме).* Мында кандай жыйынтыктар, натыйжалар алынды? Кимдер менен чогу талкууланды? Билим берүүнүн кайсы процесстеринде жогорудагы алынган натыйжалар колдонулду? Ушуга окшош маалыматтар анализденет. Мисалы: 08.04. 2021 жылы болуп өткөн кызыктар тараптар менен болуп өткөн жолугушууда бир топ иш берүүчүлөр жана ата-энелер катышышып, төмөндөгү маселелер көрүлгөн:

1) окуу процессин жогорулатуу жолдору;

2) Эмгек базарындагы талаптар;

3) окуу процессин жогорулатуу үчүн өнөктөштөрдүн жардамы.

*2.10-тиркеме.*[*08.04. 2021жыл. Кызыкдар тараптар менен өткөрүлгөн жолугушуунун протоколу;*]

*2.11-тиркеме.*[*03.10.2021жыл. Кызыкдар тараптар менен өткөрүлгөн жолугушуунун протоколу.*]

***2.6. Ээ боло турган квалификациялар так аныкталган жана кызыкдар тараптарга КУАнын 3 жана 4-деңгээлдерине ылайык түшүндүрүлгөн.***

Окуу жай өзүнүн бүтүрүүчүлөрүнө билим берүү программасы боюнча окууну бүткөндүгүн күбөлөндүргөн жана алардын квалификациясын,билим деңгээлин тастыктаган мамлекеттик үлгүдөгү документти*(2.12-тиркеме)* берет.

«Айыл-чарба өндүрүшүнүн устаты, (фермер)» адистиги боюнча окууну бүткөн окуучуларга окуу жай тарабынын төмөндөгү документтер берилет:

- ✓ Жалпы орто билим жөнүндө аттестат;
- ✓ Айыл-чарба өндүрүшүнүн устаты, (фермер)», «С»категориясындагы автоуна айдоочусу диплому;
  Квалификациясы: 2-разряддагы слесарь оңдоочу, «АВГ» категориясындагы тракторчу-машинист, 3-разряддагы электр газ менен ширетүүчү, «С»категориясындагы автоунаа айдоочусу

  *2.12-тиркеме.* [*Бүтүрүүчүлөргө берилүүчү документтердин үлгүлөрү.*]

| **Күчтүү жактары** | **Алсыз жактары** |
|---|---|
| ✓ Окутуунун заманбап технололгиялары менен камсыз болуусу жана алардын иштеши;<br>✓ Жаңы–Ноокат аймагында жашоочу үй-бүлөлөрдүн ар бири үлүш жерге ээ болгондуктан бүтүрүүчүлөр өз адистиги боюнча иш-тажрыйбаларын улантуулары мүмкүн. | ✓ Билим берүү чөйрөлөрүнүн бирдиктүү эмес болуусу;<br>✓ Адистикте билим берүү боюнча окуу-усулдук колдонмолор жетишсиз; |

**Стандарт 3. Окуучулардын билим/компетенттүүлүк деңгээлин баалоо.**

***3-стандарттын критерийлери:***

***3.1. Абитуриенттердин жана студенттердин окуу натыйжаларын баалоону жөнгө салуучу документтер Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына, аккредитацияланган билим берүү уюмуна Минималдуу талаптарга ылайык иштелип чыккан жана КУАнын 3, 4-деңгээлдерине ылайык келет жана басылып чыккан.***

Окуу жай студенттердин окуу натыйжаларын баалоону жөнгө салуу, окуучулар жана башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө жооп берүүсүн кепилдөө жана аныктоо үчүн окуучуларды мезгил-мезгили баалап барат. Алар, учурдагы аралык контролдоо*(3.1-тиркеме)*, контролдук тапшырмалар *(3.2-тиркеме)*, лабораториялык иштер, өндүрүштүк

практиканы көзөмөлдөө жана баалоо *(3.3-тиркеме),* Мамлекеттик бүтүрүү экзамендери *(3.4-тиркеме),* Мамлекеттик квалификациялык экзамендер *(3.5-тиркеме).*

Жогоруда көрсөтүлгөн иш аракеттердин бардыгы Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык иштелип басылып чыккан жана кызыкдар тараптарга маалымдалып барат. Балоонун бардык түрлөрү "Баалоо жөнүндөгү жобо"нун *(3.6-тиркеме)* негизинде жүргүзүлөт

*3.1-тиркеме.Этаптик аттестация өткөрүү боюнча буйрук; Этаптик аттестация жүргүзүүнүн (балоонун) жобосу. Этаптик аттестациянын ведомосту;*

*3.2-тиркеме.Текшерүү иштерден көчүрмө;*

*3.3-тиркеме. Өндрштүк практиканы көзөмөлдөө журналынан көчүрмө;*

*3.5-тиркеме. Бүтүрүү экзамендеринен көчүрмө;*

*3.6-тиркеме. Баалоо жөнүндөгү жободон көчүрмө;*

***3.2. ББПда окуу модулдары боюнча окутуунун натыйжаларын баалоо механизми бар, окуучулардын билиминин, көндүмдөрүнүн жана көндүмдөрүнүн деңгээлин баалоо үчүн объективдүү критерийлер иштелип чыккан, КУАнын 3, 4-деңгээлге ылайык, окуу натыйжаларга жетишүүсүн баалоонун адекваттуулугун, объективдүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн камтыйт***

Кесиптик лицейдин устаттары, мугалимдери окуучулардын билимин, билгичтиктерин жана машыгууларын текшерүү максатында баалоонун оозеки суроо (жалпы билим берүү, социалдык-гуманитардык тармактар), жазуу (математикалык-табигый илимдер тармактары) жана практикалык (кесиптик тармактар) ыкмаларын колдонушат. Баалоонун бул методдору ар бир окутуучунун окуу усулдук колдонмосунда тиркелген. Мындан сырткары, дене тарбия сабагынан зачет*(3.7-тиркеме)*, окуучулардын талдоосуна карап көчүрүү экзамендери кабыл алынат, башка сабактардан айлык, жарым жылдык жана жылдык баа *(3.8-тиркеме)*баалоо формалары пайдаланылат. Учурдагы контролдук жана жыйынтыктоочу экзамендердин ачык-айкын болушу үчүн аудиторияларда видеокамералар орнотулуган. Экзаменди жүргүзүш үчүн комиссия курамы түзүлөт жана белгиленген график боюнча экзамендер жүргүзүлөт*(3.9-тркеме)*. Комиссиянын курамына башка тайпалардын квалификациялуу адистери жана өндүрүштөрдүн өкүлдөрү кирет.

*3.7-тиркеме.Дене тарбия сабагынан зачёт;*

*3.8-тиркеме. Жылдык, жарым жылдык баалардын своднойлорунун көчүрмөсү.*

*3.9-тиркеме. Экзамендин графиги*

***3.3. Окутуунун натыйжаларын баалоого, баалоонун көз карандысыздыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн баалоо методдору жана критерийлери боюнча окуудан өткөн жана КУА менен тааныш болгон квалификациялуу адистер (академиялык коомчулуктун өкүлдөрү жана иш берүүчүлөр) тартылат.***

№58 Кесиптик лицейинин устат жана мугалимдери окутуунун натыйжаларын баалоого, баалоонун көз карандысыздыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн баалоо методдору жана критерийлери боюнча өздөрүнүн квалификацияларын жогорулатуу максатында үзгүлтүксүз семинар – тренингдерге, квалификациясын жогорулатуу курстарына *(3.10-тиркеме)* катышып келишет. Баалоонун көз карандысыздыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн академиялык коомчулуктун өкүлдөрү, квалификациялуу адистер *(3.11-тиркеме)* жана иш берүүчүлөр тартылат.

*3.10-тиркеме.* *[Сертификаттардан көчүрмө](#)*.

*3.11-тиркеме.* *[Фотоматериалдар](#)*


***3.4. Билим берүү уюму баалоонун натыйжаларына, анын ичинде окутуунун усулдарына талдоо жүргүзөт жана кемчиликтерди четтетүү жана билим берүү уюмунун ишинин натыйжаларын жакшыртуу боюнча КУАнын 3, 4-деңгээлдерине ылайык чараларды колдонот.***

Кесиптик лицейинде баалоонун натыйжаларына, анын ичинде окутуунун усулдарына талдоо жүргүзүү, кемчиликтерди четтетүү жана окуу жайдын ишинин натыйжаларын жакшыртуу максатында лицей окуучулары ортосунда ар түрдүү сурамжулоо жана анкеталар өткөрүп турат жана тиешелүү чараларды колдонот.

Методикалык кеңешмелердин отурумдарында*(3.12-тиркеме)* анкетанын анализи тандалат жана анын натыйжасы менен чаралар көрүлөт. Алсак, акыркы алынган анкеталардын жыйынтыгы менен адистик боюнча көбүрөөк жер иштетүүнүн инновациялык усулдарын иштеп чыгуу жана атайын адистер менен тыгыз байланышта иш алып барууга токтолдук.

***№58 кесиптик лицейинде окуучуларды сабактардан канчалык деңгээлде канааттануусу жөнүндө өткөрүлгөн анкета***

| № | **Суроонун аталышы** | **5** | **4** | **3** | **2** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Окуу жайда окутуунун сапатын камсыздоо боюнча окуучулардын сунуштары кандай деңгээлде кабыл алынат? | 19 | 18 | 4 | |
| 2. | Мугалимдердин окуучулардын жөндөмдүлүгүнө жараша баалоосунун деңгээли кандай? | 26 | 14 | 2 | |
| 3. | Окуу жайда кадрларды даярдоо абалы канчалык деңгээлде? | 8 | 24 | 10 | |
| 4. | Окуучуларды инновациялык технологиялардан пайдалануу деңгээли канчалык? | 17 | 13 | 10 | |



*3.12-тиркеме.* *Методикалык кеңешменин протоколунан көчүрмө*

***3.5. Студенттердин арыздарын (даттануударын) кароо үчүн жоопберүү процедуралары иштелип чыккан жана ишке киргизилген***

Окуучулардын билимин баалоо объективдүүлүк жана акыйкаттуулук принциптеринин негизинде бардык тараптан анализделип, кошумча баалардын жыйынтыгы менен коюлат. Баалоодогу жумшартуучу жагдайлар эске алынуу менен кезектеги текшерүү, аралык аттестация жана мамлекеттик аттестацияларда жетишээрлик баа алалбаган, андан сырткары окуучулардын ооругандыгы, белгилүү себептерден улам сынакка келбегендиги жана сынактан өтпөй калган учурда, сынакты кайра тапшыруу үчүн апелляция боюнча кайра тапшырууга шарт түзүлгөн.

Курстан курска көчүрүү, бүтүрүү, жыйынтыктоочу жана этаптык аттестацияларда алган баасына канааттанбаган окуучулар үчүн апеляцияга берүүнүн жол-жобосунун *(3.13-тиркеме)* жана директордун буйругунун негизинде апелляциялык комиссия түзүлгөн, окуучунун арызы аркылуу комиссия ал окуучуга кайрадан текшерүү жүргүзөт.

*3.13-тиркеме. Апелляцияга берүүнүн жана аны кароонун жалпы эрежелери.*

| Күчтүү жактары | Алсыз жактары |
|---|---|
| ✓ Окутуунун заманбап технолоогиялары менен камсыз болуусу жана алардын иштеши;<br>✓ Жаңы–Ноокат аймагында жашоочу үй-бүлөлөрдүн ар бири үлүш жерге ээ болгондуктан бүтүрүүчүлөр өз адистиги боюнча иш-тажрыйбаларын улантуулары мүмкүн. | ✓ Билим берүү чөйрөлөрүнүн бирдиктүү эмес болуусу;<br>✓ Адистикте билим берүү боюнча окуу-усулдук колдонмолор жетишсиз; |

**Стандарт 4. Окуучуга багытталган окутуу**

*Окуучуларды кабыл алуу, окуучулардын мурунку билиминин жана бүтүрүүнүн жыйынтыктарын таануу. Окуучу менен бирдикте окуу процессин уюштурууда ББУ жана ББУнун түрткү берүүчү ролу.*

***4.1. Билим берүү уюму билим берүү уюмунун миссиясына ылайык келген жана кызыкдар тараптар үчүн жеткиликтүү (сайтта же башка басылмаларда) окуучуларды тандоонун эрежелерин жана жол-жоболорун бекиткен.***

Кесиптик лицейде кесиптик билим берүү программаларына окуучуларды кабыл алуу, кабыл алуу комиссиясынын жоболорунун *(4.1-тиркеме)*негизинде мыйзам чегинде жүргүзүлөт жана өзүнүн уставында окууга кабыл алуу жөнүндө көрсөтүлгөн. Алгачкы эле этапта, документтерди кабыл алууда келишимдер түзүлөт.Кабыл алууну уюштуруу жана ачык-айкын өткөрүү максатында педагогикалык кеңешменин протоколунун негизинде, директордун буйругу менен бекитилген кабыл алуу комиссиясынын төрагасы жана кабыл алуу комиссиясынын курамы *(4.2-тиркеме)* түзүлөт. Кабыл алуу комиссиясы график *(4.3-тиркеме)* негизинде иш алып барат. Кабыл алуу окуучу менен маектешүү жана директордун намына жазылган арызды карап көрүү менен кирүү сынактарысыз өткөрүлөт.

*4.1-тиркеме.Кабыл алуу жөбөсү.*

*4.2-тиркеме. Кабыл алуу комиссиясын түзүү жөнүндө директордун буйругу.*

*4.3-тиркеме. Кабыл алуу комиссиясынын иш графиги.*

***4.2. Билим берүү уюмунун окуучуларды тандоо жана кабыл алуу, ыңгайлаштыруу, өнүктүрүү жана бүтүрүү процесстерин жөнгө салуучу түзүмдөрү жана жол-жоболору бар. Билим берүү уюму окуучуларды тандоонун жана кабыл алуунун калыс жана объективдүү жол-жоболорун колдонот, мында потенциалдуу окуучуларды кабыл алууда негизсиз тоскоолдуктар жок.***

Кесиптик билим берүү программасына кабыл алууда, жарандардын укуктарын сактоо, кабыл алуу комиссиянын ачык-айкын иштөөсү камсыздалган. Окууга тапшыргандардын, анын ичинде потенциалдуу студенттердин шык жана жөндөмдүүлүгүн объективдүү баалоодо, негизсиз тоскоолдуктарды болтурбоо жана кабыл алуунун бардык этаптарында кабыл алуу комиссиясынын жетекчилигинин жеткиликтүүлүгү камсыздалган.

Окуу жай, Баштапкы кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндөгү типтүү жобонун негизинде окуучуларды окууга кабыл алат.

***4.3. Билим берүү уюму КУАнын 3, 4-деңгээлдерине ылайык окуучулардын күтүлгөн окуу натыйжаларына жетүү үчүн мурунку окутуунун натыйжаларын таануунун объективдүү механизмдерин камсыздайт.***

«Айыл-чарба өндүрүшүнун устаты, (фермер)» адистиги боюнча окууну бүткөн окуучуларга окуу жай тарабынын төмөндөгү документтер берилет:

- ✓ Жалпы орто билим жөнүндө аттестат;
- ✓ Айыл-чарба өндүрүшүнун устаты, (фермер)», «С»категориясындагы автоунаа айдоочусу диплому,
  квалификациясы: 2-разряддагы слесарь оңдоочу, «АВГ» категориясындагы тракторчу-машинист, 3-разряддагы электр газ менен ширетүүчү, «С»категориясындагы автоуна айдоочусу.
  Адистик боюнча окууну аяктаган окуучу жалпы орто билим жөнүндө аттестат алгандан кийин жогорку окуу жайларга окууга барса болот. Бирок, айыл-чарба өндүрүшүнун устаты, (фермер)», «С» категориясындагы автоуна айдоочусу дипломун алгандан кийин башака өлкөлөргө барып окуу жайды таныткanга болот.

***4.4. Билим берүү уюму билим берүү программасы боюнча окуусун аяктаган жана күтүлгөн окуу натыйжаларына жетишкен студенттерге билим берүү, анын ичинде жетишилген окуу натыйжалары иш-көлөмүнө жана КУАнын 3-деңгээлинин квалификациялык талаптарына ылайык.***

Окуу жай өзүнүн бүтүрүүчүлөрүнө билим берүү программасы боюнча окууну бүткөндүгүн күбөлөндүргөн жана алардын квалификациясын,билим деңгээлин тастыктаган мамлекеттик үлгүдөгү документти*(4.4-тиркеме)* берет.

«Айыл-чарба өндүрүшүнун устаты, (фермер)» адистиги боюнча окууну бүткөн окуучуларга окуу жай тарабынын төмөндөгү документтер берилет:

- ✓ Жалпы орто билим жөнүндө аттестат;
- ✓ Айыл-чарба өндүрүшүнун устаты, (фермер)», «С»категориясындагы автоуна айдоочусу дипломму,
  квалификациясы: 2-разряддагы слесарь оңдоочу, «АВГ» категориясындагы тракторчу-машинист, 3-разряддагы электр газ менен ширетүүчү, «С»категориясындагы автоуна айдоочусу .

*4.4-тиркеме. Бүтүрүүчүлөргө берилүүчү документтердин үлгүлөрү.*

Бүтүрүчүлөргө берилүүчү документтердин үлгүлөрү.

***4.5. ББПда окуу жүктөмдү бөлүштүрүүнүн так механизми жана ар бир бүтүрүүчү үчүн окуунун натыйжаларына жетишүүгө багытталган класстык иш-аракеттерди, практиканы жана окуучулардын өз алдынча иштерин тең салмактуу уюштуруу бар.***

«Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты, (фермер)» адистиги боюнча берилген окуу программаларында мамлекеттик билим берүү стандартына жана РИМБ тарабынан берилген типтүү окуу планынын *(4.5-тиркеме)* негизинде окутуунун жумалык жүктөмдөрү аныкталган. 1- курстун биринчи жарым жылдыгынан 2-курстун жарым жылдыгынын аягына чейин 36 сааттан, 2-курстун 2- жарым жылдыгында 38 сааттан, 3-курста 39 сааттан белгиленген. Сабак жадыбалында ушул талап аткарылат.

Билим берүү программасы менен каралган практикалардын окуу-өндүрүштүк жана квалификациялык–өндүрүштүк түрлөрүнөн өтүү үчүн окуу программасында өзүнчө цикл катарыкесиптердин типтуу окуу планында өндүрүштүк практика үчүн 574 саат, 3-курстун 1-жарым жылдыгында 6 жумалык, 2-жарым жылдыгында 7 жумалык мөөнөт менен бөлүштүрүлгөн.Окуучуларды өндүрүштүк практикага чыгаруу үчүн дыйкан-чарбалар жана жеке ишканалар менен келишим *(4.6-тиркеме)* түзүлүп, окуучуларды жайгаштырылат*(4.7-тиркеме)*.Өндүрүштүк практика тайпа устаттары тарабынын көзөмөлдөнүп, бааланат *(4.8-тиркеме).* Окуучулар өндүрүштүк практика отүү менен бирге атайын күндөлүктөрдү *(4.9-тиркеме)* толтуруп барышат.

*4.5-тиркеме. Типтүү пландан көчүрмө.*

*4.6-tиркеме. Келишимдерден көчүрмө;*

*4.7-тиркеме. Окуучуларды практикага бөлүштүрүү графиги;*

*4.8-тиркеме. Көзөмөлдөө журналынан көчүрмө;*

*4.9-тиркеме. Атайын күндөлүктөн көчүрмө;*

***4.6. ББПкөндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн жагымдуу билим берүү чөйрөсүн түзөт. Өз алдынча билим алуу, профессионалдык жана инсандык жактан өркүндөтүү, окутуучулардын, өндүрүштүк окуунун мастерлеринин бир эле учурда жардамы менен окуучулардын өз алдынчалыгын колдоо.***

Окуу жайындагы учурдагы билим берүү программаларында көндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн жагымдуу билим чөйрөсүн максатында заманбап окутуунун каражаттарын (проекторлор, интерактивдүү доскалар, ПКлар ж.б. түрдүү инновациялык окуу-усулдук ресурстарды) пайдалануу *(4.12-тиркеме)*, тажрыйбадан өткөн алдыңкы усулдарын колдонуу, студенттердин окуудагы жетишүү деңгээлин баалоодогу күтүлүүчү натыйжаларды эске алуу менен сабак өтүшөт. Сабак учурунда окутуунун активдүү жана интерактивдүү усулдарын колдонушат.

Интерактивдүү окутуу – бул, биринчи кезекте, окутуу процессинде окутуучу менен студенттин ортосундагы өз ара аракеттешүү да, студенттердин бири-бири менен өз ара аракеттешүүсү да орун алган диалогдук окутуу. Интерактивдүү усулдар компетенцияларды калыптандырууга жана аныкталган окутуу натыйжаларына жетишүүгө–билимдерди алууга, билигичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандырууга өбөлгө болот.

Интерактивдүү окутуунун методдоруна билимдерди алууну жана кайра иштетүүнү активдештирүүгө өбөлгө болуучу методдор кирет. Мында төмөнкүдөй методдорду жана каражаттарды мисалга алууга болот: көрсөтмөлүү лекция (КЛ), проблемалуу лекция (ПЛ), мини-лекция (МЛ), тренинг (Тр), дебаттар (Д), мээ чабуулу (МЧ), мастер-класс (МК), «тегерек стол» (ТС), чыгармачыл ишмердикти активдештирүү (ЧИА), окуу жана жазуу

аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү (СО), ролдук оюндар (РО), чакан тайпаларда иштөө (ЧТ), тренажёрлор, рефераттарды даярдоо жана коргоо (Р), экскурсия (Э), тесттер (Т), презентациялоо (През): интерактивдүү доска (ИД), таркатма материалдар (ТМ), видеофильмдер (В), слайддар (С), мультимедиялык презентация (МПрез), өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалар, командада иштөө (КИ) ж.б.интерактивдүү усулдар конкреттүү окутуу натыйжаларына жетишүүгө жана конкреттүү компетенциялардын калыптанышына өбөлгө болот:

- окуу материалынын натыйжалуу өздөштүрүүгө шарт түзөт;
- өз көз карашын түзө билүү, позицисын кармай билүү билгичтиктерин калыптандырат;
- уюштуруучулук жана иш көндүмдөрүн калыптандырууга шарт түзөт;
- сын ой жүгүртүү, салыштыруу, талдоо көндүмдөрүн калыптандырат;
- жаңы идеяларды жарата билүү билгичтиктерин калыптандырат;
- командада иштөө, коммуникативдик, кызматташтык жана лидерлик көндүмдөрүн калыптандырууга өбөлгө болот;
- окуяларды болжолдой билүү билгичтиги калыптанат;
- издөө жана изилдөөчүлүк, чыгармачылык көндүмдөрү калыптанат;
- билимдерин практикада колдоно билүү, баалоо, өзүн өзү баалоо көндүмдөрүн калыптандырат;
- көйгөйдү аныктоо жана аны чечүүнүн жолдорун сунуштай билүү билгичтиктерин калыптандырат;
- долбоорлоо, пландаштыруу билгичтиктерин калыптандырат ж.б.

Окуу процессиндеги студенттердин ишмердүүлүгү лекциялык, практикалык, лабораториялык сабактар, семинарлар, консультациялар аркылуу ишке ашырылат. Бардык сабактардын түрлөрү практикалык мүнөзгө ээ жана билимдерин, билгичтиктерин, жалпы жана кесиптик компетенцияларын калыптандырууга багытталган. Окуучулар каалаган учурунда окуу жайдын китепканасынан маалымат алууга мүмкүнчүлүгү бар.

Кесиптик лицейде адистиктин функционалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кээ бир студенттер үчүн кичи тайпалар түзүлүп, кыш-кыноочу, орус тили, дене тарбия жана “фермер” адистиги боюнча кошумча даярдануу мүмкүнчүлүктөрү бар. Бул ар бир кичи тайпа, анын ичинде ар бир студент өздүк окуу траекториясын түзүүгө ыңгайлаштырылган.

| № | Кружоктун аталышы | Жетекчиси | Катышкан окуучулар | | | | | Жалпысы. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1-курс | 2-курс | Токарь | ЭГШ | Тигүүчү | |
| 1 | Жаш фермер | Хамрокулов А Исамов Х | 12 | 7 | - | - | - | 21 |
| 2 | Тигүүчү | Мирзаева М Миталипова Б | 14 | 6 | - | - | 20 | 20 |
| 3 | Ширетүүчү | Мирмахмудов | 3 | 4 | 3 | 6 | - | 18 |
| 4 | Баскетбол | Рузалиев В | 6 | 5 | 2 | 1 | 5 | 19 |
| 5 | Жеңил атлетика | Сейдалы уулу М | 5 | 2 | | 2 | 2 | 11 |
| 6 | Волейбол | Сейдалы уулу М | 7 | 8 | 2 | 1 | 4 | 24 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Футбол | Рузалиев В | 12 | 7 | 4 | 5 | - | 28 |
| 8 | Орус тили | Зияева С<br>Исакжонов Ф | 5 | 7 | 1 | 2 | 4 | 19 |
| 9 | Химия | Токторова К | 4 | 3 | | | 5 | 12 |
| 10 | Кыргыз тили | Жээнбек кызы М | 6 | 4 | | | 4 | 14 |
| 11 | Англис тили | Хамзалиева М | 5 | 4 | 2 | 3 | 5 | 19 |

*4.12-тиркеме. Фотоматериалдар.*

| **Күчтүү жактары**: | **Алсыз жактары:** |
|---|---|
| ✓ Тайпаларда окутуунун күтүлгөн натыйжаларына жетүү максатында окуу жайын мурда аяктаган бүтүрүүчүлөр менен тыгыз байланышта иш-жүргүзүүсү<br>✓ Тайпага мектеп окуучуларын тартууда профориентация иштеринин ар турдуу формаларынын киргизилгендиги.<br>✓ Окуу жай айылдын борборунда жайгашкандыгы жана М. Эргашов, Амир Темур атындагы орто мектептер, “Сахаба” лицейи менен коңшулаш жайгашкандыгы. | ✓ Абитуриенттердин кесипке болгон кызыгуусунун жоктугу;<br>✓ Кесипке багыт берүү учурунда толук маалымат алаышбагандыгы; |

**Стандарт 5. Педагогикалык кадрлардын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыздоо**

*Билим берүү уюмунун окутуучулук жана көмөкчү персоналды башкаруу миссиясына ылайык саясаттары жана механизмдери бар. Бул механизмдер мугалимдерге жана көмөкчү кызматкерлерге, ошондой эле бардык кызыкдар тараптарга белгилүү.*

***5.1. Билим берүү уюмунун өнүктүрүүгө мүмкүндүк берүүчү механизмдери бар,кызыкдар тараптардын катышуусу менен коомдук бирикменин кадр саясатын карап чыгуу жана өркүндөтүү.***

Кесиптик лицейде окуучулар менен иштөө үчүн кесиптик тажрыйбасы бар, компетенттүү окутуучу-көмөкчү курамга ээ. Окутуучулар окутуучу предметти толук жакшы билүүгө жана түшүнүүгө, окуу процессинде билимди натыйжалуу берүү үчүн, ошондой эле алардын окутуусунун сапаты боюнча кайра байланышты түзүү үчүн керектүү ыкмаларга, тажрыйбаларга ээ.

«Айыл-чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер)» «С» категориясындагы айдочуу кесибин даярдоо процессинде тайпаларда 20 устат, тайпа жетекчилери, 29 мугалим эмгектенүүдө. Окуучуларга педагогикалык кызматкерлер сапаттуу билим берүү үчүн талапка жооп берүүчү компетенттүүлүккө жана тажрыйбага ээ болуу менен окутуунун сапаты боюнча кайра байланышты түзүүгө жөндөмдүү.

***5.2. Билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык педагогдорду, өндүрүштүк окутуунун мастерлерин жана тарбиялык көмөкчү персоналды ишке кабыл алуунун, жогорулатуунун ачык-айкын жана объективдүү критерийлерин колдонот.***

Кесиптик лицейда окутуучулук-көмөкчү курамды жумушка кабыл алуу жана кызматтык ордун жогорулатуу боюнча Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптарына жана Кыргыз Республикасынын илим жана билим министрлигиге караштуу баштапкы кесиптик билим берүү башкармалыгынын токтому менен бекитилген кесиптик лицейдин уставына ылайык чен-өлчөмдөр иштелип чыккан жана алар кесиптик лицейдин жумушка кабыл алуу жөнүндөгү жобосунда*(5.1-тиркеме)* толугу менен чагылдырылган. Окутуучуларды жумушка кабыл алууда, тиешелүү билимин тастыктаган диплому, квалификациясы талап кылынат. Тайпа мугалимдери окутуучулук жана окутуучу -көмөкчү курамдын квалификациясы, билими жана тажрыйбасы ишке ашырылып жаткан билим берүүчү программага жана билим берүү процессинин талаптарына ылайык келишине көңүл бурат. Ошондой эле кадрдардын кызматтык абалын жогорулоосу, карьералык өнүгүүсүдө эске алынат.

*5.1-тиркеме.* *Жумушка кабыл алуу жөнүндөгү жобонун көчүрмөсү.*

***5.3 Мугалимдердин квалификациясынын деңгээли (тармактык сыйлыктар, мамлекеттик сыйлыктар, басылып чыккан окуу-методикалык колдонмолор) билим берүү уюмунун миссиясын аткарууну камсыз кылат жана лицензиялык талаптарга жооп берет.***

“Айыл-чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер)” адистигинин окутуучу жана окутуучу-көмөкчү кызматкерлеринин квалификациясы, билими жана тажрыйбасы негизги кесиптик билим берүү программасынын билим берүү процесстеринин талаптарына туура келет.*(5.2-тиркеме),(5.3-тиркеме),(5.4-тиркеме),(5.5-тиркеме).*

*5.2-тиркеме.* *Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын дипломдорунун көчүрмөсү;*

*5.3-тиркеме.* *Окутуучулук жана окутучу-көмөкчу курамдын жумушка кабыл алынгындыгы тууралуу буйруктун көчүрмөсү;*

*5.4-тиркеме.* *Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын резюмелери;*

*5.5-тиркеме. Кесиптик лицейдин штаттык жадыбалы;*

***5.4. Билим берүү уюмунда педагогикалык жамааттын, билим берүү жана тейлоочу персоналдын ишинин баалоо жана мотивациялоо системасы бар.***

Окутуучуларды тандоо, мотивациялоо жана жогорку квалификациялуу окутуучулардын ишмердүүлүгүн бекемдөө жана жоопкерчиликтүү мамиле жасоо үчүн кеситтик лицейдин профсоюздук комитети тарабынан жагымдуу жагдайлар түзүлгөн. Окутуучулардын ийгиликтери, илимдеги жетишкендиктери жана коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн дипломдор, грамоталар менен сыйланат*(5.6-тиркеме)* жана материалдык жардамдар көрсөтүлөт.

Кесиптик лицейде окутуучуларды ишке кабыл алууда, окуу жайдин директору жана профсоюздук комитети менен өз-ара түзүлгөн эмгек келишими дагы көздө түтүлөт *(5.7-тиркеме).*Окуу жай жумушка кабыл алынган кызматкерлерге жумушчу орунду камсыздап, жумушка көнүктүрүү максатында тиешелүү бөлүмдөр өз жардамдарын көрсөтүп, жана окутуу процессинде жетишкен ийгиликтери үчүн окуу жайынын атайын эсебинен сыйлыктар ыйгарылат. Ошондой эле кадрлардын кызматтык абалынын жогорулоосу, карьералык өнүгүүсү да эске алынат.

*5.6-тиркеме. Моралдык жана материалдык сыйлоо жөнүндө жобонун көчүрмөсү. Сыйлыктар жана сертификаттардын көчүрмөсү*

*5.6- тиркеме. Сыйлыктар*

*5.7-тиркеме. Өз-ара эмгек келишимиден көчүрмө.*

***5.5. Билим алуу уюму предмети багыт боюнча, ошондой эле педагогика жана психология боюнча, анын ичинде окуунун активдүү ыкмаларынын жана IT технологияларынын колдонуу боюнча педагогикалык кадрлардын мезгилдүү квалификациялары акыркы жогорулатууну камсыз кылат.***

Окуу жайда мугалимдердин, устаттардын билимин өркүндөтүүгө көңүл бурулуп келинет.

Лицейде педагогикалык жамаатка жаңы окутуу технологияларды ишке киргизүү жана инновациялык билим берүү ыкмаларын окутуу боюнча лицейдин жетекчилиги жана усулдук комиссиялар иш алып барат. Окуу жылын январь айында педагогдордун билимин өркүндөтүү максатында педагогикалык окуу*(5.8-тиркеме)* уюштурулат. 2023-жылдын январь айында «Окутуунун инновациялык технологияларын пайдалануу аркылуу билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жолдору » аттуу темада болуп өткөн педагогикалык окууда ОӨМИБ Коратоев Б, ОТИБ директордун орун басары Худайберганова Ш, мугалим Бозорбоева О, устат Маматов Ш, Журабаев А, усулчу Рузалиев Вдер тренинг жана сабактар өтүштү. Мугалимдер жана өндүрүштүк окуунун устаттарынын билимин жогорулатуу боюнча иш-пландары түзүлгөн жана үзгүлтүксүз аткарылууда. 2019-2023 окуу жылдарында РИМБ жана башка уюштурууучулар тарабынан окуу жайдын кызматкерлери түрдүү багыт боюнча онлайн жана офлайн түрүндө өз билимдерин жогорулатып келишүүдө. *(5.9-тиркеме)*

| **Квалификацияны жогорулатуу курстарынын аталыштары** | **Курстун уюштурууучулары** | **Курстун катышуучулары** |
|---|---|---|
| “Окуу жайдагы тарбиялык процестин натыйжалуулугун заманбап жолдору жана ыкмалары” | РИМБ | Худайберганова Ш |
| “Коопсуз миграция жана адамдарды сатууга каршы күрөшүү маселелери боюнча окутуу модулун өткөрүү методикасы” | SOLIDARITY CENTER | Коратоев Б<br>Мирзаназорова С |
| “Цифровая грамотност” | E-QUALITY | Журабаев А<br>Мирзаназорова С |
| “Жетекчилердин заманбап билим берүү системасындагы кесиптик компетенциялары. Жаңы кесиптик стандарттарды жайылтуу” | РИМБ | Каримова Ш |
| “Инклюзивдик өнүгүү үчүн көндүмдөр ” | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим | Рузалиев В |

| | | |
|---|---|---|
| | министрлигинин секторду өнүктүрүү программасы | |
| Өндүрүштүк окутуунун инновациялык методдору | РИМБ | Эшматов Л<br>Хамрокулов А |

*5.8-тиркеме.* *Педагогикалык окуунун материалдарынан көчүрмө*
*5.9-тиркеме.* *Квалификацияны жогорулатуунун графиги жана натыйжалары.*

| **Күчтүү жактары**: | **Алсыз жактары:** |
|---|---|
| ✓ Устат, мугалимдердин көпчүлүгү компьютер технологияларын колдонуп сабак өтүү мүмкүнчүлүгү бар экендиги; | ✓ Жогорку билимдеги өндүрүштүк окутуу устаттарынын аздыгы. |

**Стандарт 6. Окуу ресурстары жана окуучуларды камсыз кылуу**

*Билим берүү уюму окуу процессин уюштуруу үчүн колдонулган ресурстар жетиштүү экендигине жана ишке ашырылып жаткан программанын талаптарына жооп бере тургандыгына кепилдик берет.*

***6-стандарттын критерийлери:***

***6.1. Билим берүү программасын лицензиялык талаптарга ылайык тиешелүү материалдык-техникалык база менен камсыз кылуу.***

Окуу жайында окуучулар керектүү материалдык ресурстар менен (китепкана фонддору, окуу жабдуулары, башка ресурстар) камсыздалган. Алар: «Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер)» кесиби боюнча 11 теориялык окуу канасы, бир компьютер канасы, бир электрондук китепкана, проекторлор, интерактивдүү доскалар, автотренажер, окуу программасына ылайыктуу макеттер, окуу китептери*(6.1-тиркеме),*3та МТЗ-80 тракторлору*(6.2-тиркеме)*,2та прицеп ПТС4-А, 2та ГАЗ 53 автоунаалары*(6.3-тиркеме)*, трактор автомобиль, айыл-чарба машиналары жана слесарь-оңдоочу лабороториялык каналары. Окуу жайдын материалдык-техникалык базасын кеңейтүү максатында 2017жыл “Кесиптик билим берүү жана көнүгүлөрдү өнүктүрүү” жана ОсОО “AT Empire”экинчи проект алкагында баштапкы жана орто кесиптик билим берүү агенттиги менен биргеликте бир даанаYTO X804 трактору, бир даана үч корпустуу соко 1 L335, бир даана пресс-подборщик 9YF, бир даана дары чачуучу машина 3w-400-10,бир даана сеялка 2BX-24 жана ачкычтардын жыйнактары менен камсыздалды*(6.4-тиркеме)*.

*6.1-тиркеме.* *Китепкана фонддору;*
*6.2-тиркеме.* *МТЗ-80 тракторунун тех паспорту;*
*6.3-тиркеме.* *ГАЗ 53 автоунаасынын тех паспорту;*
*6.4-тиркеме.* *Проект менен келген айыл-чарба машиналарынын материалдары.*

***6.2. Заманбап китепканалык-маалыматтык ресурстар студент үчүн жеткиликтүү, учурдагы китепкана фонду билим берүү муктаждыктарын камтыйт.***

Кесиптик лицей кеңири китеп фондуна ээ. Бирок, лицейде окуу залынын жоктугуна байланыштуу китептер окуучулардын колдоруна келишим менен берилет. Андан сырткары окуу жайда Wi- Fi зонасыга уланган бир элетрондук китепкана *(6.5-тиркеме )*болуп окуучуларды китепканадан кеңири пайдалануулары үчүн керектүү шарттар түзүлгөн. 13-

таблицада лицейге тиешелүү болгон китепканадагы китептер жөнүндө жалпы маалымат көрсөтүлгөн:

*Таблица 13.*

| № | **Китептердин классификациясы** | **Саны** |
|---|---|---|
| 1. | Жалпы фонд | 7200 |
| 2. | Көркөм адабияттар | 1111 |
| 3. | Атайын китептер | 1100 |
| 4. | Жалпы билим берүү китептери | 1855+600 |
| 5. | Усулдук китептер | 1484 |
| 6. | Бизнес менен таанышуу1-2-бөлүмдөр | 100 |
| 7. | Ширетүү боюнча китеп | 20 |
| 8. | Электрондук китептер (дисктер) | 300 |

*6.5.-тиркеме. Фотоматериал.*

***6.3. Ар кандай курактагы жана жөндөмдүүлүктөрдөгү окуучулар үчүн сапаттуу билим берүүнү камсыз кылган социалдык инфраструктура түзүлгөн.***

Окуу процессин жаңыча усулдар менен жаңы технологиялардын жардамында ишке ашыруу үчүн зарыл жабдуулар, окуу китептери жана башка окуу-усулдук материалдар, талап кылынган заманбап деңгээлде камсыздалып келүүдө жана улам толукталууда. Кесиптик лицейде окуу процессин толук ишке ашыруу үчүн окуу аудиториялары талаптарга жооп берет. Айрым окуу класстары электрондук доскалар, компьютелер, проекторлор менен жабдылган. Негизинен окуу процессин толук кандуу жүргүзүү үчүн окуу куралдары жана окуу-усулдук материалдар алынган.

Окуу жайда студенттер үчүн сапаттуу билим берүүнү камсыз кылган социалдык инфраструктура түзүү максатында ар түрдүү иш чааралар ОТИ директордун орун басарынын жылдык иш эрежесинин (*6.6-тиркеме)* негизинде жүргүзүлөт. Мысалы: предметтер аралык “Акыл ордо” интекактуалдуу оюндары, “Каны эмесе кыздар!”, “Каны эмесе жигиттер” сыяктуу иш чаралар *(6.7- тиркеме)* өткөрүлүп турат. Эмгек резерви спорттук мелдештерди Республикалык деңгээлде уюштуруп барууда. *(6.8 - тиркеме)*
*6.6- тиркеме. ОТИБ директордун орун басарынын жылдык иш планындан көчүрмө*
*6.7- тиркеме. Фотоматериалдар.*
*6.8 -тиркеме. Фотоматериалдар*.

***6.4. Билим берүү уюму билим берүү мейкиндигинин туруктуулугун жана жетиштүүлүгүн камсыз кылат. Керектүү жабдуулар менен жабдылган, санитардык-гигиеналык нормаларга, эрежелерге жана өрт коопсуздугунун талаптарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык эмгекти коргоо жана коопсуздуктун талаптарына жооп берген өндүрүштүк окуу цехтери иштейт.***

Окуу жайдын бардык окуу жана лабороториялык каналары, компьютердик класстары ж. б. санитардык-гигиеналык, коопсуздук эрежелерине жооп берет. КР ӨКМнин Ош облусу башкармалыгынын Ноокат райондук өзгөчө кырдаалдар бөлүмү *(6.9-тиркеме)* жана Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министрлиги Ноокат райондук оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык- эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору (*6.10-тиркеме*) тарабынан жыл сайын текшерилип, керектүү корутундуулар

берилет.

Администрациялык чарба департаментинин техникалык кызматкерлери (уборщицалар) күн сайын жана жумасына бөлмөлөрдү тазалашат. Компьютердик класстарда кызматчылар жана окуучулар коопсуздук эрежелери, өрт коопсуздугу жана түрдүү кырдаалдарда туура аракет этүүнү билишет. Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо жана коопсуздук ыкмасынын талаптарына ылайык окуу жайдын бардык бөлмөлөрү жасалгаланган, таза жана жарык.

*6.9-тиркеме. Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн корутудусунан көчүрмө.*
*6.10-тиркеме.Санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун актысынын көчүрмөсү;*

***6.5. Жашоо (жатакана), тамактануу (ашкана же буфет), медициналык тейлөө үчүн тийиштүү шарттар түзүлүп, спорт жана эс алуу үчүн шарттар түзүлгөн.***

Лицейдин окуучуларынан турган парламенти жана дене тарбия жетекчиси тарабынан ар түрдүү спорттук иш-чаралар откөрүлүп турат. Бул иш-чаралардын негизги максаты окуучулардын өз ара аралашуусуна, командалык иштөөну онүктүрүүгө, ден соолугун чыңдоого багытталган. *(6.11-тиркеме*). Лицей окуучулардын тамактануусу үчүн өзүнүн ашканасыга ээ. Ашканада 185 окуучу тамактануусу үчүн жетишээрлик шарт түзүлгөн. Окуучулар бир маал ыссык тамак менен тамактанышат *(6.12 -тиркеме).* Ашканадагы тейлөө кызматында баш ашпоозчу Боронов Шукурилло башчылыгында 3 кызматкер эмгектенишет. Лицейдин ашканасы санитардык-гигиеналык талаптарга жооп берет. Кесиптик лицей заманбап кичи футбол аянтчасы, баскетбол аянтчасы жана волейбол аянтчасыга ээ *(6.14 - тиркеме)*. Лицейдин өзүнүн спорттук залы жоктугуна байланыштуу жылдын кыш мезгили үчүн окуу жай менен коншулаш жайгашкан "Амир Темур атындагы орто мектеби" менен өз-ара келишим *(6.15 -тиркеме)* түзгөн.

Окуу жайда окуучуларын медициналык тейлөө боюнча толук шарттар бар. Жыл сайын окуу жылдын башында, ар түрдүү спорттук мелдештердин алдындан окуучулар медициналык кароодон өтүшөт. Мындан сырткары ар түрдүү жугумдуу оорулардын алдын алуу жана эмдөө иштерин өз убагында аткарып барышат. Бардык иштер кесиптик лицейдин медициналык кызматкери Адухалимова Хилоланын жумушчу планында көрсөтүлгөн. *(6.16-тиркеме ).*

Жарым жетимдердин,социалдык жетимдердин маалымат бланкы , турмуш шарты оор үй-бүлөлөр жыл сайын такталып.жаңыланып турат. Бул боюнча ОТИБ директордун орун басары иш алып барат *(6.17-Тиркеме)* Окуу жай таза суу менен камсыз кылынган.
Кесиптик лицейдин жатакканасы жок.

*6.11- тиркеме. Спортттук иш чаралардын фотоматериалдардары.*

*6.13- тиркеме. Ашкананын фотоматериалдары.*

*6.14- тиркеме. Фотоматериалдар.*

*6.15-тиркеме. Келишимден көчүрмө.*

*6.16- тиркеме. Медициналык кызматкердин иш планындан көчүрмө.*

*6.17- тиркеме. ОТИБ директордун орун басарынын жылдык иш планындан көчүрмө*

| **Күчтүү жактары**: | **Алсыз жактары:** |
|---|---|
| ✓ Окуу жайдын окуучулар лабороториялык практикалык көнүгүүлөрдү аткаруусу үчүн | ✓ Окуу жайында окуу канааларын жетишсиздиги.<br>✓ Окуу жайында окуу китептеринин |

| | |
|---|---|
| жетишердик көмөкчү чарбанын бар экендиги.<br>✓ Окуу жайдын өзүнүн жетишердик автодрому бар экендиги.<br>✓ Окуу жай заманбап окуу технологиялары жана айыл-чарба техникалары менен камсыздалгандыгы. | жетишсиздиги.<br>✓ Окуу жайында окуу залынын жоктугу.<br>✓ Окуу жайында спорттук жана активдүү залдын жок экендиги. |

**Стандарт 7. Билим берүү программасын натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылуучу маалымат системасы**

*Билим берүү уюму маанилүү маалыматтарды чогултат, талдайт жана таркатат жана аны окутуу программасын жана башка иш-чараларды натыйжалуу башкаруу үчүн колдонот.*

***7-стандарттын критерийлери:***

***7.1. Билим берүү программасын натыйжалуу башкаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды чогултуу, талдоо жана жайылтуу механизмдеринин болушу.***

- окуучулардын (студенттердин) контингенти жөнүндө маалыматтарды;

Кесиптик лицейда окуучулардын контингенти ӨОМИБ дир орун басарынын кварталдык отчётунда так жана толук чагылдырылган.

Кесиптик лицейлерде 2017- жылдан баштап, Азия өнүктүрүү банкынын долбоорунун алкагында ИСУ системасы ишке киргизилген. Окуучулар боюнча толук маалымат ушул системада чогулат. 2021-2022-окуу жылынан баштап ИСУО системасына окуучулар, кызматкерлер , материалдык -техникалык база толугу менен киргизилет. Бүтүрүүчүлөр боюнча атайын долбоордун алкагында 2018,2019.2020-жылдар аралыгында маалыматтар бүтүрүүчүлөрдү байкоо деген программа менен жүргүзулгөн

*7.1-тиркеме. Кварталдык отчёттон көчүрмө.*

- студенттердин катышуусу жана жетишүүсү, жетишкендиктери жөнүндө маалыматтар;

Окуучулардын катышуусу жана учурдагы жетишүүлөрү эң оболу сабак учурунда ар бир окутуучу тарабынан тайпалык журналдарга*(7.2-тиркеме)* белгиленет .Ал эми кесиптик лицейдин дирекциясы тарабынан ар күнү сабактардын жүрүшү, окуучулардын катышуусу боюнча текшерүү жүргүзүлүп, сабакка кечигүүлөр, үзгүлтүккө учуратуу маселеси жалпы чогулушта талкууланып, тиешелүү чечимдер кабыл алынат. Кесиптик лицейде 2021-22-окуу жылынын 1-жарым жылдыгындагы катышуу - 95 %, жетишүү –53.4% жана 2-жарым жылдыгындагы катышуу –94.2 %, жетишүү –40.5% түзүп, 2022-23-окуу жылынын 1-жарым жылдыгындагы катышуу –96.5 %, жетишүү –54.1% түздү. Бул маалыматтар боюнча Жарым жылдык жана жылдык мониторингдер чыгарылып *(7.3-тиркеме)*лицейдин жалпы чогулушдарында бардык кызыкдар тараптарга жеткерилип, талкууланып турулат.

*7.2-тиркеме. Теориялык журналдан көчүрмө.*

*7.3- тиркеме. Жарым жылдык жана жылдык мониторинг.*

- окуучулардын (студенттердин), алардын ата-энелеринин, бүтүрүүчүлөрдүн жана жумуш берүүчүлөрдүн билим берүү программаларын ишке ашырууга жана анын натыйжаларына канааттангандыгы;

Кесиптик лицейдин “Айыл-чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер)”тайпалары башталгыч кесиптик билим берүү боюнча окуу планы, негизги кесиптик билим берүү программасы Кыргыз Республикасынын башталгыч кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде адистиктин окутуучулук курамы тарабынан иштелип чыгып, иш берүүчүлөрдүн талкуусунан өтүп, усулдук кеңеш жана педагогикалык кеңеш тарабынан бекитилген. Окуучулардын, алардын ата-энелеринин, бүтүрүүчүлөрдүн жана жумуш берүүчүлөрдүн билим берүү программасын ишке ашырууга жана анын натыйжаларына канааттангандыгын билүү менен тиешелүү туура чечимдерди кабыл алуу жана аракеттенүү максатында түрдүү анкеталар *(7.5-тиркеме)* жүргүзүлүп жана анализденип жыйынтыктар чыгарылат:

- окуучулардын;
- алардын ата-энелеринин;
- бүтүрүүчүлөрдүн;
- жумуш берүүчүлөрдүн.

*7.5-тиркеме. Анкеталардан көчүрмө.*

Тайпа бүтүрүүчүлөрүнүн ишке жайгашуусу боюнча маалыматты алардын ата-энелеринен, өздөрүнөн алат. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке жайгашуусу*(7.6-тиркеме)* жөнүндөгү 2021-2022 – окуу жылы учун маалымат.

*Таблица 15.*

| **Кесиби** | **Бүтүрүүчүлөрдүн саны** | **Өз кесиби боюнча иштегендер** | **Башка кесип боюнча иштегендер** | **Жумушсыздар** |
|---|---|---|---|---|
| ««Айыл-чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер)» «С» категориясындагы айдоочу | 59 | 40 | 10 | 9 |

*7.6-тиркеме. Бүтүрүүчүлөргө жүргүзүлгөн байкоо*

- билим берүү уюмунун ишинин майнаптуулугунун негизги көрсөткүчтөрү;

“Айыл-чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер)” адистиги боюнча маалыматтар тайпалардын жана кесиптик лицейдин окуу процессин жыйынтыгы боюнча отчетто келтирилет. Педагогикалык кеңешмелерде жана усулдук кеңешинде окутуу процессинин жыйынтыгы боюнча отчеттер берилет, талкууланат жана тиешелүү чечимдер чыгарылат.

*7.7 -тиркеме.Окуу процессин жыйынтыгы боюнча отчеттон көчүрмө;*

***7.2. Окуучулар электрондук окуу материалдарына жана электрондук аттестация баракчаларына мүмкүнчүлүк алышат.***

Кесиптик лицейде мугалимдер жана окуучулар электрондук окуу материалдарынан пайдаланууга мүмкүнчүлүктөрү бар. Анткени окуу жайда акысыз интернеттен пайдалануу үчүн Wi- Fi зонасы үзгүлтүксүз иштеп турат. Кесиптик лицейде 2020- жылдан баштап электрондук китепкана *(7.8 -тиркеме)* иштеп келет. Китепканада окуу китептери электрондук форматта жайгаштырылган.

*7.8- тиркеме. Фотоматериалдар.*

***7.3. Билим берүү программасы жөнүндө толук жана ишенимдүү маалыматты жарыялайт:***

***- бүтүрүүчүлөр үчүн жумушка орношуу жана суроо-талап жөнүндө объективдүү маалымат. Билим берүү программасынын сапаты жана жетишкендиктери жөнүндө маалымат***

Кесиптик лицейде мугалимдер жана окуучулар электрондук окуу материалдарынан пайдаланууга мүмкүнчүлүктөрү бар. Анткени окуу жайда акысыз интернеттен пайдалануу үчүн Wi- Fi зонасы үзгүлтүксүз иштеп турат. Кесиптик лицейде 2020- жылдан баштап электрондук китепкана *(7.8 -тиркеме)* иштеп келет. Китепканада окуу китептери электрондук форматта жайгаштырылган.

Ошондой эле, студенттердин жана кызматкерлердин маалымат чогултуу жана талдоо иштерине катышуусу социалдык тармактарда пикир алмашуу аркылуу ишке ашырылат. Катышуучулар-жазылуулар социалдык түйүндөрдөгү баракчаларда басылмага комментарий берип, сунуштарын жана сунуштарын бере алышат

*7.9.-тиркеме. Сайттын, тик ток, фейсбук жана инстаграм баракчаларынын ссылкалары.*

https://kl58.edu.kg/

**Бүтүрүүчүлөрдүн акыркы 4 жылдагы ишке жайгашуусу жөнүндө маалымат**

| Шифр | Адистиги | 2018-2019 | | | 2019-2020 | | | 2020-2021 | | | 2021-2022 | | | 2022-2023 | | |
| --- | --- | --- | --- | --- | --- | --- | --- | --- | --- | --- | --- | --- | --- | --- | --- | --- |
| | | Бардыгы | Алардын ичинден | | Бардыгы | Алардын ичинден | | Бардыгы | Алардын ичинден | | Бардыгы | Алардын ичинден | | Бардыгы | Алардын ичинден | |
| | | | Кесиби боюнча | Башка кесиптер боюнча | | Кесиби боюнча | Башка кесиптер боюнча | | Кесиби боюнча | Башка кесиптер боюнча | | Кесиби боюнча | Башка кесиптер боюнча | | Кесиби боюнча | Башка кесиптер боюнча |

| | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7233 | Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер) | 110 | 62 | 48 | 77 | 51 | 16 | 78 | 47 | 31 | 76 | 47 | 31 | 85 | 56 | 29 |

| **Күчтүү жактары**: | **Алсыз жактары:** |
|---|---|
| ✓ 58-Кесиптик Лицейи Амир-Темур, М Эргашов атындагы орто мектептер, «Сахаба» лицейи жана «Медигос» 12-ГСВ, 13-ГСВ менен коңшулаш жайгашкандыгы. | ✓ Кесиптик лицей өзү жөнүндөгү маалыматтарды радио-телевидениелар аркылуу аз тараткандыгы. |

**КОРУТУНДУ**

Комиссия программаны аккредитациялоонун алкагында «Сапаттуу билим» аккредитациялык агенттигинин 7233 айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер) адистиги боюнча билим берүү программасынын стандарттарына жана критерийлерине ылайык келүүсүнө өзүн- өзү баалоо жүргүзгөн.

Өзүн-өзү баалоонун негизинде төмөнкүдөй сунуштар берилет:

1. Теориялык билимдерди консолидациялоо боюнча практикалык көндүмдөрдү үйрөнүү боюнча кызыкдар тараптар менен биргелешкен иш-чараларды үзгүлтүксүз өткөрүү.
Окуу-методикалык комплекстерди такай карап чыгуу жана жаңылоо. Иш берүүчүлөрдүн бүтүрүүчүлөр жөнүндө, алынган теориялык жана практикалык көндүмдөрдүн сапаты жөнүндө пикирлерин изилдөө.
3. Студенттердин жана мугалимдердин академиялык мобилдүүлүгүн камсыздоо боюнча иштерди уюштуруу.
4. Мугалимдерди мотивациялоо жана стимулдаштыруу системаларын өркүндөтүү.
5. Белгилүү аймактарда ондоо иштерин бүтүрүү.